Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

Эркин-Тоо

WWW.ERKIN-TOO.KG Жума, 2022-жылдын 11-февралы №16-17 (3351-3352)

ЭМГЕК БААЛАНЫП, ТАТЫКТУУЛАР СЫЙЛАНДЫ

Кечээ Президент Садыр Жапаров мекен үчүн жан үрөп иштеп, эмгегинен баар тапкан инсандарга мамлекеттик сыйлыктарды тапшырды. "Жалпы эл-журттун назарына илинген инсандарды учурунда баалап-барктап, кастарлап алуу – улуттук рухту даңктоого жана шыктандырууга багытталган мамлекеттик саясат болуп эсептелет", – деп сөзүн баштады Мамлекет башчысы. Өлкөнү өнүктүрүүгө зор салым кошкондордун мамлекеттик жогорку сыйлыктар менен сыйланып жатышы коомчулук үчүн сыймыктуу окуя экендигин белгиледи. Мамлекеттик сыйлыктар менен наамдарды ыйгаруунун маани-маңызына токтолуп, билим берүү системасына олуттуу мамиле кылуу шарт экенин дүйнөлүк тажрыйба тастыктап келе жатканын айтты.

Президент белгилегендей, пандемияга айланган коронавирус илдети өкүм сүрүп турган чакта, өлкөбүздүн экономикалык абалынан улам татыктуу маяна ала албай турган маалда, жаңы муунга билим берүүнүн түйшүгүн тарткан мугалимдеребиздин эмгеги опол тоодой.

“Атын атасаң, куту сүйүнөт” дегендей, мамлекеттик жогорку сыйлыкка татыган айрым эжей-агайлардын, дарыгерлердин, маданият жана адабият жаатындагы чыгармачыл инсандардын, айыл чарбасы менен энергетика тармагынын кызматкерлеринин атын атап, алкоо сөздөрүн айтты.

“Биздин максат – Жаңы Кыргызстанды куруу” деген урааны чакырып келебиз. Жаңы Кыргызстан өткөн тарыхына сыймыктанган, бүгүнкү жашоо-турмушуна канааттанган, келечегине оптимизм менен караган эркин жарандардын өлкөсү болууга тийиш”, - деп быйыл экономиканын абалын көтөрүүгө өзгөчө басым жасалаарын билдирди. Биримдикти жана ынтымакты сактап, бабалар мурастаган мамлекеттүүлүгүбүздү, көз жоосун алган касиеттүү жерибизди, ага төрт тарабы шай келген нускалуу элибизди өнүктүрүп-өстүрүп кетүү мүмкүнчүлүгүн туура пайдалана алабыз деген аруу тилегин билдирди.

КЫШКЫ ОЛИМПИАДА

Пекинде өтүп жаткан XXIV кышкы Олимпиада оюндарына 91 мамлекеттин спортчулары катышып жатат. Алардын жалпы саны 2871. 10-февралга карата медалдык эсеп боюнча Норвегия өлкөсү алдыңкы сапка чыкты. Эске салсак, Олимпиадага Кыргыз Республикасынын атынан Максим Гордеев катышат. Ал жарыш тилкесине 16-февраль күнү чыгат.

ЭСТЕЛИК ОРНОТУУГА ЧЕКТӨӨ СУНУШТАЛУУДА

“Бишкек башкы архитектура” мамлекеттик мекемеси шаардын борбордук бөлүгүнө айкел, мемориалдык такта сыяктуу эстеликтерди орнотууну чектөө сунушун берди.

Анткени, эстеликтер толуп кеткен. Коомго эмгеги сиңген адамдардын атын даңазалоо маанилүү, бирок жаңы эстеликтерди коюуга орун калган эмес.

Аталган мекеме тарабынан Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигине эстелик орнотууга мораторий жарыялоону сунуштаган расмий кат жиберилген.

ПРЕЗИДЕНТ ЭЛ АРАСЫНДА

Президент Садыр Жапаров 8-февралда Бишкек шаарында жайгашкан "Дордой" соода-базар комплексине жана "Ош" базарына барып, көзөмөл-кассалык машина (ККМ) системасын ишке киргизүү маселеси тууралуу соодагерлердин ой-пикирин угуп, түшүндүрүү иштерин жүргүздү.

Мамлекет башчысы эл менен баарлашкан соң, маалыматтык түшүндүрүү иштеринин жетишсиздигинен улам негизги максат туура эмес чечмеленип жаткандыгын белгиледи.

"Бул демилге контрабандадан жана эсепке алынбаган товарларды ташып келүүдөн кутулуу үчүн көтөрүлүп жатат. Бизде ишкерлердин эсебинен киреше табуу же алардын эсебинен өлкөнүн бюджетин толтуруу тапшырмасы жок. Тескерисинче, мамлекет алардын иштөөсүнө шарт түзүп берүүдө. Ата мекендик экономиканын 40%ы көмүскөдө калды. Аны алып чыгып, ошол эле учурда кичи жана орто бизнес жабыркабасын деп жатабыз. Мурда ККМди ишкер өзү сатып алышы керек болсо, азыр алар бюджеттин эсебинен алынат. Ишкерлердин ыңгайлуу иштөөсү үчүн акысыз уюлдук тиркемелер болот", - деди Садыр Жапаров.

Жакынкы аралыкта 10 миң ККМ аппараттары алынат. Бага чейин пилоттук долбоордун алкагында 10 миңи сатылып алынган. Россия 30 миң аппарат берет. Акча жүгүртүүсү аз ишкерлер смартфонундагы мобилдик тиркеме аркылуу иштей алат. ККМ ири соода борборлору үчүн милдеттүү болот. Акча жүгүртүүсү 8 млн сомго

чейинки чакан ишканалар салыктан бошотулуп, ККМ колдонот. Президент менен көзмө-көз сүйлөшкөн соодагерлер аталган системаны киргизүүнүн артыкчылыктарын угуп, аны менен иштөөгө даяр экендиктерин билдиришти.

Андан соң Мамлекет башчысы Садыр Жапаров "Ош" базарына да барып, ККМ системасын ишке киргизүү маселесин гана көтөрбөстөн, азык-түлүктөрдүн баалары менен таанышып, элдин арыз-муңун укту.

ДАРЫГЕРЛЕРДИН ДАРТЫ

Президент Садыр Жапаров 8-февралда Саламаттыкты сактоо министрлиги тарабынан Көп тармактуу клиникалык балдар ооруканасы болуп өзгөртүлгөн мурунку Республикалык диагностикалык борборго барды.

Имаратты көрүп чыккан Мамлекет башчысына дарыгерлер коммуналдык төлөмдөр, эскирген жабдуулар жана башка көйгөйлөр тууралуу айтып беришти. Жамааттын пикирин уккан Садыр Жапаров, Президенттин Администрациясына мекеменин иштөө багытын сактоо менен «Улуттук» макамын берүү маселесин иштеп чыгууну тапшырды.

БИШКЕК ШААРЫНЫН АЙЛАНМА ЖОЛДОРУ

Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров 10-февралда Бишкек шаарынын айланма жолдорунун схемасынын долбоорун талкуулоо боюнча кеңешме өткөрдү.

Анда Бишкек шаарынын 34 км созулган түндүк айланма жолун куруу долбоорунун бет ачары болду. Анда транспорт түйүндөрү, тротуарлар, жөө жүргүнчүлөр үчүн бир катар өтмөктөр каралган. Акылбек Жапаров долбоордун мамлекеттик-жеке өнөктөштүк вариантын иштеп чыгып, техника-экономикалык негиздемени даярдоону тапшырды.

"ТҮНДҮК" РЭТи ИШКЕ КИРДИ

Шейшемби күнү Президент Садыр Жапаровдун катышуусунда Бишкек шаарында жаңы райондук электр тармагы – «Түндүк» РЭТи ишке кирди.

Мамлекет башчысы РЭТтин иши, кичи SCADA системасы, ГИС географиялык маалымат тутуму жана абоненттердин сурооталаптарын сапаттуу тейлөөгө арналган колл-борбор программасын көрүп чыкты. Бул системалар реалдуу убакыт режиминде күнүмдүк электр энергиясынын колдонулушуна жана процесстерге мониторинг жасоого, электр жабдууларын картадан табууга мүмкүндүк берет.

Садыр Жапаров Өзбекстан жана Казакстанга болгон сапарынын жүрүшүндө импорттолгон электр энергиясынын баасын төмөндөтүү боюнча макулдашууга жетишкендигине токтолду. «Азыр ички инвесторлорубуз дагы 100 мегаваттка чейин чакан ГЭСтерди куруп жатышат. Бизде өлкө боюнча 200дөн ашык орунубуз бар. Ал жакта чакан жана ири ГЭСтерди курабыз. Биз инвесторлорго кеңири мүмкүнчүлүктөрдү түзүп берип, мамлекет тарабынан колдоо көрсөтүүгө даярбыз», - деди.

Андан соң Ак-Босого конушунун жашоочулары менен жолугушту.

ТУРУКТУУ ЭНЕРГЕТИКА

Кечээ Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров «Кыргызстандын туруктуу энергетикага өтүүсү: тоскоолдуктар жана аны чечүү жолдору» улуттук форумунун жүрүшүндө 2-3 жыл аралыгында жүздөгөн кичи ГЭСтерди, күн жана шамал станцияларын ишке берүү зарылдыгын белгиледи.

Учурда Энергетика министрлиги тарабынан республиканын аймагында 48 энергиянын кайра жаралуучу объекттерин курууга сертификаттар берилди. Алардын жалпы кубаттуулугу 300 мегаваттка жакын электр энергиясын түзөт. Ошону менен бирге Талас облусунда «Бала-Саруу», Нарын облусунда "Орто-Токой", Жалал-Абад облусунда "Кара-Көл" ГЭСтеринин курулушу башталды.

Даярдаган
Жылдыз ДЫЙКАНОВА

■ Куттуктайбыз!

ЭМГЕГИ ТАТЫКТУУ БААЛАНДЫ

Журналисттик ишмердигинин көпчүлүгүн "Эркин-Тоо" мамлекеттик расмий гезитинде өткөрүп, кыргыз басма сөзүндө өз орду бар кесиптеш агабыз Бактыбек Имамадиев бүгүн "Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер" төш белгисин тагынып, жамаатты сыймыкка бөлөп турган чагы.

Бактыбек агабыз университеттин журналистика факультетин аяктаган 1979-жылдан бери басма сөз тармагында иштеп келет. Окууну бүткөн жылы эле олуттуу партиялык гезит болгон "Советтик Кыргызстан" гезитинде алгач корректор, андан кийин кабарчы, бөлүм башчы кызматтарын аркалаган. Окууну аяктаар замат партиялык гезитке ишке кириши анын катардагы журналист болбогонун айгинелейт. Ал кезде партиялык гезитке дыкат тандоодон кийин гана кызматка кабыл алынган.

Ал эми эгемендиктин жарчысы болуп жарыкка келген "Эркин-Тоо" гезитинде 25 жыл эмгек өтөдү. Журналисттик ишмердигинде Бактыбек байке коомдук турмуштун ар кыл өңүтүн чагылдырган кызыктуу темаларды жазып, окурмандарга таанылды. Кээде турмушта анча-мынча адам элес ала бербеген темаларды таап жазып, өзүнүн сезимталдыгын, коомдогу көрүнүштөргө кайдыгер эместигин көрсөтүп келет. Ошондой эле акы төлөнүүчү материалдар менен иштеп, гезиттин каржылык абалын чыңдоого зор салым кошууда. Бактыбек байке редакциядагы жаш журналисттерге да кеп-кеңешин аянбай, калыс пикирин айтып келет.

Ак эмгек кылсаң, ал эртеби-кечпи бааланат. Бактыбек байкенин журналистика тармагындагы көп жылдык үзүрлүү эмгеги татыктуу бааланып, Президент Садыр Жапаровдун Жарлыгы менен "Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер" наамы берилди.

"Эркин-Тоо" гезитинин эмгек жамааты кесиптешибиз Бактыбек Имамадиевди мамлекеттик сыйлыгы менен куттуктайбыз! Сыйлык сиздики болсо, сыймык биздики! Бар болуңуз, Бактыбек байке!

"Эркин-Тоо" гезитинин
эмгек жамааты

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖАЛАЛ-АБАД, ЫСЫК-КӨЛ, НАРЫН, ОШ ЖАНА ЧҮЙ ОБЛУСТАРЫНЫН АЙРЫМ ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТЕРИНИН ДЕПУТАТТАРЫН ШАЙЛООНУ ДАЙЫНДОО ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

ЖАРЛЫГЫ

Кыргыз Республикасынын Жалал-Абад, Ысык-Көл, Нарын, Ош жана Чүй облустарынын айрым жергиликтүү кеңештеринин депутаттарынын ыйгарым укуктарынын мөөнөттөрү аяктагандыгына байланыштуу, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 70-беренесинин 2-бөлүгүнүн 3-пунктун, "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 4-беренесинин 5-бөлүгүн, 48-беренесинин 1-бөлүгүн жетекчиликке алып, **токтом кылам:**

1. Кыргыз Республикасынын Жалал-Абад облусунун Таш-Көмүр шаардык кеңешине, Жалал-Абад облусунун Токтогул районунун Токтогул шаардык кеңешине, Аксы районунун Кара-Жыгач айылдык кеңешине, Сузак районунун Көк-Арт айылдык кеңешине, Ысык-Көл облусунун Тоң районунун Кажы-Сай айылдык кеңешине, Нарын облусунун Ак-Талаа районунун Тоголок Молдо айылдык кеңешине, Ат-Башы районунун Казыбек айылдык кеңешине, Ош облусунун Араван районунун С. Юсупов айылдык кеңешине, Кара-Суу районунун Ак-Таш, Төлөйкөн айылдык кеңештерине, Чүй облусунун Жайыл районунун Кара-Балта шаардык кеңешине, Кемин районунун Жаңы-Алыш, Кара-Булак, Көк-Ойрок айылдык кеңештерине, Москва районунун Александровка айылдык кеңешине, Сокулук районунун Сокулук айылдык кеңешине депутаттарды шайлоо 2022-жылдын 10-апрелине, жекшембиге дайындалсын.

2. Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жергиликтүү өз алдынча башкаруунун жогоруда аталган өкүлчүлүктүү органдарына шайлоону Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык өткөрүүнү уюштурсун.

3. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети:

- шайлоону өткөрүү үчүн Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын чыгымдарынын сметасына ылайык зарыл финансылык каражаттарды бөлсүн;

- шайлоону даярдоо жана өткөрүү мезгилинде мыйзамдуулукту, жарандардын укуктарын жана эркиндиктерин, коомдук тартипти сактоону камсыз кылуу боюнча чараларды көрсүн;

- добуш берүү жана шайлоочуларды идентификациялоо үчүн жабдуулардын коопсуз сакталышын камсыз кылуу боюнча чараларды көрсүн;

- маалыматтык системалардын киберкоопсуздугун камсыз кылууда Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына көмөк көрсөтсүн.

4. Кыргыз Республикасынын Жалал-Абад облусунун Таш-Көмүр шаарынын мэри, Жалал-Абад облусунун Токтогул, Аксы, Сузак райондорунун, Ысык-Көл облусунун Тоң районунун, Нарын облусунун Ак-Талаа, Ат-Башы райондорунун, Ош облусунун Араван, Кара-Суу райондорунун, Чүй облусунун Жайыл, Кемин, Москва, Сокулук райондорунун мамлекеттик администрацияларынын башчылары шайлоого даярдык көрүүдө жана өткөрүүдө шайлоочулардын тизмелерин калыптандыруу, тактоо жана түзүү, уюштуруучулук жана материалдык-техникалык маселелерди чечүү боюнча Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигинин жана тийиштүү шайлоо комиссияларынын ишине көмөк көрсөтсүн.

5. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарынын башчылары жогоруда аталган кеңештердин документтеринин, материалдарынын, ошондой эле материалдык-техникалык баалуулуктарынын сакталышын камсыз кылуу боюнча чараларды көрсүн.

6. Бул Жарлыктын аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин даярдоо боюнча башкармалыгынын уюштуруу иштери жана аймактар менен өз ара аракеттенүү бөлүмүнө жүктөлсүн.

7. Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн баштап күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын
Президенти **С.ЖАПАРОВ**

Бишкек ш., 2022-жылдын 8-февралы, ПЖ №31

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ КОЛ ӨНӨРЧҮЛҮК ИШ ЖӨНҮНДӨ
КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

2021-жылдын 22-декабрында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган

1-берене. Ушул Мыйзамдын жөнгө салуу предмети

1. Ушул Мыйзам Кыргыз Республикасындагы кол өнөрчүлүк ишти жүзөгө ашыруудан келип чыгуучу мамилелерди жөнгө салат.

2. Кол өнөрчүлүк иш жаатындагы мамилелерди жөнгө салуунун укуктук негизи Кыргыз Республикасынын Конституциясы, чакан жана орто ишкердик субъекттеринин ишин регламенттөөчү ченемдик укуктук актылар жана башка ченемдик укуктук актылар болуп саналат.

2-берене. Ушул Мыйзамдын негизги милдеттери

Ушул Мыйзамдын негизги милдеттери болуп төмөнкүлөр саналат:

1) кол өнөрчүлүк искусствосунун тарыхый жана байыркы салттарын, улуттук маданиятты жана мурасты жандандыруу, коргоо, өнүктүрүү жана жайылтуу;

2) кол өнөрчүлүктү өнүктүрүү үчүн жагымдуу шарттарды түзүү;

3) кол өнөрчүлүктүн өндүрүштүк мүмкүнчүлүктөрүн өнүктүрүү;

4) кол өнөрчүлүк чөйрөсүндө адистерди даярдоо;

5) кол өнөрчүлүк чөйрөсүндө жаңы жумуш орундарын уюштурууга көмөктөшүү.

3-берене. Негизги түшүнүктөр

Ушул Мыйзамдын максаттары үчүн төмөнкүдөй негизги түшүнүктөр колдонулат:

1) **кол өнөрчүлүк иш (кол өнөрчүлүк)** - бул майда партияда, дааналап, анын ичинде, өзгөчө билимди, көндүмдү, жөндөмдү, атайын технологияларды, каада-салттарды, сырларды пайдалануу менен жеке буйрутмалар боюнча артыкчылыктуу керектөөчүлүк багыттагы товарларды, жумуштарды өндүрүү, кызматтарды көрсөтүү боюнча кесиптик иштин түрү.

Кол өнөрчүлүк ишке массалык, ири сериялык жана сериялык өндүрүү кирбейт.

2) **кол өнөрчүлүк иштин субъекттери** - кол өнөрчүлүк ишти жүзөгө ашыруучу жеке жана юридикалык жактар.

3) **кол өнөрчү** - билимге, көндүмгө, чеберчиликке, жана (же) кесиптик адистикке ээ болгон, кол өнөрчүлүк иш менен алектенген жеке адам.

4) **кол өнөрчүлүк уюм** - кесиптик белгилери бир же бир нече окшош кесиптердин чеберлерин - кол өнөрчүлөрүн бириктирген уюм.

Кол өнөрчүлүк уюмдардын уюштуруучулук-укуктук формасы жана башкаруу органдарын түзүү компетенциясы жана тартиби, мүлкүн түзгөн булактары, уюштуруучуларынын (мүчөлөрүнүн) укуктары жана милдеттери жана кол өнөрчүлүк уюмдарынын ишине тиешелүү башка жоболору Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык уюштуруу документтери менен аныкталат.

5) **чебер** - өз ишинде жогорку чеберчиликке жеткен, ага квалификация ыйгарылгандыгы жөнүндө сертификат алган, товарларды өндүрүү жана жумуштарды аткаруу үчүн шакирттерди тартуучу, жеке эн тамгага укугу бар, кандайдыр бир кол өнөрчүлүк салтынын улантуучусу болуп саналган кол өнөрчү. Чебердин квалификациясынын деңгээлин ырастоочу сертификат көз карандысыз аккредиттелген уюм тарабынан Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети белгилеген тартипте берилет.

4-берене. Кол өнөрчүлүк ишти мамлекеттик колдоо

1. Кол өнөрчүлүккө мамлекеттик колдоо көрсөтүү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте жүзөгө ашырылат.

2. Мамлекеттик бийликтин борбордук жана жергиликтүү органдары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте жагымдуу өндүрүштүк шарттарды түзүү, товарларды сатуу жана өндүрүлгөн продукциялардын көргөзмөлөрүн уюштуруу, чийки зат менен камсыз кылуу жана аларды колдоо боюнча чараларды жүзөгө ашыруу жолу менен кол өнөрчүлүк субъекттеринин демилгелерин колдойт.

3. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин кол өнөрчүлүк иш чөйрөсүндөгү компетенциясына төмөнкүлөр кирет:

1) мамлекеттик саясатты жүргүзүү;

2) кол өнөрчүлүк ишти өнүктүрүү боюнча мамлекеттик программаларды бекитүү;

3) ыйгарым укуктуу мамлекеттик органды аныктоо;

4) кол өнөрчүлөрдүн реестрин түзүү жана жүргүзүү тартиби жөнүндө жобону бекитүү;

5) кол өнөрчүлүк иштин түрлөрүнүн тизмегин бекитүү;

6) Кыргыз Республикасынын салык мыйзамдарында белгиленген тартипте салык жеңилдиктерин берүү;

7) мамлекеттик менчикте турган жайлардын ижара акысынын төмендөтүлгөн ставкаларын белгилөө;

8) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына ылайык өндүрүштүк жана окуу ишин жүзөгө ашыруу үчүн мүлктүк колдоо көрсөтүү;

9) кол өнөрчүлүк ишти жүзөгө ашырууга стартап үчүн жеңилдетилген ссудаларды берүү.

5-берене. Кол өнөрчүлүк чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын ыйгарым укуктары

Кол өнөрчүлүк чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын ыйгарым укуктарына төмөнкүлөр кирет:

1) кол өнөрчүлүк чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясатты ишке ашыруу;

2) кол өнөрчүлүктү өнүктүрүү боюнча мамлекеттик программалардын долбоорлорун иштеп чыгуу жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине берүү;

3) кол өнөрчүлүк чөйрөсүндөгү тиешелүү ички жана тышкы субъекттер менен кызматташтыкты жана өнөктөштүктү жөндөө;

4) кол өнөрчүлүк субъекттеринин ишин координациялоо;

5) кол өнөрчүлүккө байланыштуу конференцияларды, көргөзмө-жармаңкелерди жана сынактарды өткөрүү.

6-берене. Кол өнөрчүлөрдүн реестри

Кол өнөрчүлөрдүн реестри төмөнкүлөр үчүн түзүлөт:

1) кол өнөрчүлүк субъекттери жөнүндө маалыматтарды сактоо жана актуалдаштыруу жана ага ыкчам жетүүнү камсыз кылуу;

2) кол өнөрчүлүк субъекттерине жеңилдиктерди жана өзгөчө жеңилдиктерди берүү жөнүндө чечимдерди кабыл алуу;

3) кол өнөрчүлүк ишти өнүктүрүү келечектерин жана тенденцияларын аныктоо боюнча аналитикалык маселелерди чечүү;

4) кол өнөрчүлүк субъекттерине тандалма жана толук масштабдуу сурамжылоолорду жүргүзүү.

7-берене. Кол өнөрчүлүк субъекттеринин укуктары жана милдеттери

1. Кол өнөрчүлүк субъекттери төмөнкүлөргө укуктуу:

1) кол өнөрчүлүк продукциясын өндүрүүгө жана ушул продукцияга ээлик кылууга;

2) шакирт-практикантты кол өнөрчүлүк продукцияны өндүрүү процессине жана башка тиешелүү жумуштарды аткарууга өз алдынча тартууга;

3) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталган талаптардын алкагында жекече же топтук түрдө шакирт-практиканттты окутууга;

4) өзү даярдаган, өндүргөн же өз алдынча жасаган продукциясынын баасын аныктоого;

5) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган жеңилдиктерден пайдалануга;

6) кол өнөрчүлүк маселелери боюнча ар кандай деңгээлдеги иш-чараларга катышууга;

7) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте бириктирүүгө;

8) кол өнөрчүлүк чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга кол өнөрчүлүк чөйрөсүн өнүктүрүү боюнча сунуштарды берүүгө.

2. Кол өнөрчүлүк субъекттери төмөнкүлөргө милдеттүү:

1) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген талаптарга жооп берген товарларды жана продукцияларды өндүрүүнүн сапатын камсыз кылууга;

2) шакирт-практиканттын иш жүргүзүү процессин контролдоого;

3) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка милдеттерди аткарууга.

8-берене. Чебер

1. Чебер төмөнкүлөргө укуктуу:

1) шакирттерди товарларды даярдоого, жумуштарды аткарууга жана кызматтарды көрсөтүүгө тартууга;

2) шакирттерди өзүнүн өнөрүнө үйрөтүүгө;

3) жүргүзүлүп жаткан кол өнөрчүлүк иштин багытына ылайык келген эмгек продукциясын өндүрүүгө, ошондой эле аларды өз алдынча, же болбосо башкача түрдө сатууга;

4) өндүрүлүүчү товарлардын, жумуштардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн бааларын аныктоого;

5) чакан ишкердиктин субъекттери үчүн белгиленген бардык жеңилдиктерден пайдалануга.

Чебер ишкердик ишти өзү билгендей уюштурат.

2. Чебер төмөнкүлөргө милдеттүү:

1) даярдалып жаткан товарлардын, аткарылып жаткан жумуштардын жана көрсөтүлүп жаткан кызматтардын сапатын талаптагыдай камсыз кылууга;

2) товарларды даярдоого, жумуштарды аткарууга, кызматтарды көрсөтүүгө түздөн- түз өзү катышууга;

3) шакирттердин ишине контроль жүргүзүүгө;

4) шакирттерди ак ниеттүүлүк менен кесиптик окутуп-үйрөтүүгө.

9-берене. Кол өнөрчүлүк продукцияларды жана жумуштарды жекелештирүү

1. Чебер өзү, анын шакирттери даярдаган товарларга башка кол өнөрчүлөрдүн товарларынан айырмалоого мүмкүн болгон атайын белги (эн тамга) коё алат.

2. Кол өнөрчүлүк уюмдар жамааттык эн тамганы пайдалана алышат, аны уюмдун мүчөсү болуп саналган жана мындай эн тамганы пайдалануу укугу тиешелүү чечим менен берилген кол өнөрчүлүк субъекттер гана пайдалануга укуктуу.

3. Кол өнөрчүлүк субъекттер - юридикалык жактар жамааттык эн тамганы пайдалана алышат, аны уюмдун кызматкери болуп саналган жана мындай эн тамганы пайдалануу укугу тиешелүү чечим менен берилген кол өнөрчүлөр гана пайдалануга укуктуу,

4. Кол өнөрчүлүк субъекттеринин эн тамгалары бири-биринен айырмаланып турууcу керек, интеллектуалдык менчик жана салттуу билимдерди коргоо жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органда катталууга тийиш.

10-берене. Ушул Мыйзамдын күчүнө кирүүсү

Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети алты айлык мөөнөттө өзүнүн ченемдик укуктук актыларын ушул Мыйзамга ылайык келтирсин.

Кыргыз Республикасынын Президенти **С.ЖАПАРОВ**

Бишкек ш., 2022-жылдын 8-февралы, №14

ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
О РЕМЕСЛЕННОЙ ДЕЯТЕЛЬНОСТИ В КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКЕ

Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 22 декабря 2021 года

Статья 1. Предмет регулирования настоящего Закона

1. Настоящий Закон регулирует отношения, возникающие при осуществлении ремесленной деятельности в Кыргызской Республике.

2. Правовой основой регулирования отношений в области ремесленной деятельности являются Конституция Кыргызской Республики, нормативные правовые акты, регламентирующие деятельность субъектов малого и среднего предпринимательства, и иные нормативные правовые акты.

Статья 2. Основные задачи настоящего Закона

Основными задачами настоящего Закона являются:

1) возрождение, охрана, развитие и пропаганда исторических и древних традиций искусства ремесленничества, национальной культуры и наследия;

2) создание благоприятных условий для развития ремесленничества;

3) развитие производственных возможностей ремесленничества;

4) подготовка специалистов в сфере ремесленничества;

5) содействие организации новых рабочих мест в сфере ремесленничества.

Статья 3. Основные понятия

Для целей настоящего Закона используются следующие основные понятия:

1) **ремесленная деятельность (ремесленничество)** - вид профессиональной деятельности по производству товаров, работ, оказанию услуг преимущественно потребительского назначения мелкими партиями, штучно, в том числе по индивидуальным заказам, с использованием особых знаний, умений, навыков, специальных технологий, традиций, секретов.

К ремесленной деятельности не относятся массовое, крупносерийное и серийное производство.

2) **субъекты ремесленной деятельности** - физические и юридические лица, осуществляющие ремесленную деятельность;

3) **ремесленник** - физическое лицо, обладающее знаниями, навыками, мастерством и (или) профессиональной специализацией, занятое ремесленничеством;

4) **ремесленная организация** - организация, объединяющая мастеров-ремесленников одной или нескольких схожих профессий по профессиональному признаку.

Организационно-правовая форма, компетенция и порядок формирования органов управления, источники образования имущества, права и обязанности учредителей (членов) и другие положения, касающиеся деятельности ремесленных организаций, определяются учредительными документами в соответствии с законодательством Кыргызской Республики;

5) **мастер** - ремесленник, достигший высокого мастерства в своем деле, получивший сертификат о присвоении ему квалификации, привлекающий для производства товаров и выполнения работ учеников, имеющий право на личное клеймо, являющийся носителем традиций какого-либо ремесла. Сертификат, подтверждающий уровень квалификации мастера, выдается независимой аккредитованной организацией в порядке, устанавливаемом Кабинетом Министров Кыргызской Республики.

Статья 4. Государственная поддержка ремесленной деятельности

1. Государственная поддержка ремесленничества осуществляется в соответствии с порядком, установленным законодательством Кыргызской Республики.

2. Центральные и местные органы государственной власти в порядке, установленном законодательством Кыргызской Республики, поддерживают инициативы субъектов ремесленничества путем создания благоприятных производственных условий, организации выставок продажи товаров и производимой продукции, обеспечения сырьем и осуществления других, мер по их поддержке.

3. В компетенцию Кабинета Министров Кыргызской Республики в сфере ремесленной деятельности входят:

1) ведение государственной политики;

2) утверждение государственных программ по развитию ремесленной деятельности;

3) определение уполномоченного государственного органа;

4) утверждение положения о порядке составления и ведения реестра ремесленников;

5) утверждение перечня видов ремесленной деятельности;

6) предоставление налоговых льгот в порядке, установленном налоговым законодательством Кыргызской Республики;

7) установление пониженных ставок оплаты аренды помещений, находящихся в государственной собственности;

8) предоставление имущественной поддержки для осуществления производственной и учебной деятельности в соответствии с требованиями законодательства Кыргызской Республики;

9) предоставление льготной ссуды для стартапов на осуществление ремесленной деятельности.

Статья 5. Полномочия уполномоченного государственного органа в сфере ремесленничества

В полномочия уполномоченного государственного органа в сфере ремесленничества входят:

1) реализация государственной политики в сфере ремесленничества;

2) разработка и представление Кабинету Министров Кыргызской Республики проектов государственных программ по развитию ремесленничества;

3) налаживание сотрудничества и партнерства с соответствующими внутренними и внешними субъектами в сфере ремесленничества;

4) координация деятельности субъектов ремесленничества;

5) проведение конференции, выставок-ярмарок и конкурсов, связанных с ремесленничеством.

Статья 6. Реестр ремесленников

Реестр ремесленников создается:

1) для хранения и актуализации информации о субъектах ремесленничества и обеспечения оперативного доступа к ней;

2) для принятия решений о предоставлении субъектам ремесленничества льгот и преференций;

3) для решения аналитических задач по определению перспектив и тенденции развития ремесленной деятельности;

4) для проведения выборочных и полномасштабных опросов субъектов ремесленничества.

Статья 7. Права и обязанности субъектов ремесленничества

1. Субъекты ремесленничества вправе:

1) производить ремесленную продукцию и распоряжаться ею;

2) самостоятельно привлекать ученика-практиканта к процессу производства ремесленной продукции и выполнению других соответствующих работ;

3) индивидуально или в групповой форме обучать ученика-практиканта в рамках требований, определенных законодательством Кыргызской Республики;

4) определять стоимость приготовленной, произведенной или самостоятельно созданной им продукции;

5) пользоваться льготами, предусмотренными законодательством Кыргызской Республики;

6) участвовать в мероприятиях различного уровня по вопросам ремесленничества;

7) создавать объединения в порядке, установленном законодательством Кыргызской Республики;

8) вносить предложения по развитию сферы ремесленничества уполномоченному государственному органу в сфере ремесленничества.

2. Субъекты ремесленничества обязаны:

1) обеспечивать качество производства товаров и продукции, отвечающее требованиям, установленным законодательством Кыргызской Республики;

2) контролировать процесс осуществления деятельности ученика-практиканта;

3) выполнять иные обязанности, предусмотренные законодательством Кыргызской Республики.

Статья 8. Мастер

1. Мастер имеет право:

1) привлекать к изготовлению товаров, выполнению работ и оказанию услуг учеников;

2) обучать своему ремеслу учеников;

3) производить продукты труда, соответствующие направлению осуществляемой ремесленной деятельности, а также реализовывать их самостоятельно либо иным образом;

4) определять цены на производимые товары, работы и услуги;

5) пользоваться всеми льготами, установленными для субъектов малого предпринимательства.

Мастер по своему усмотрению организует предпринимательскую деятельность.

2. Мастер обязан:

1) обеспечивать надлежащее качество изготавливаемых им товаров, производимых работ и оказываемых услуг;

2) принимать непосредственное участие в изготовлении товаров, производстве работ, оказании услуг;

3) осуществлять контроль за деятельностью учеников;

4) добросовестно осуществлять профессиональное обучение учеников;

Статья 9. Индивидуализация ремесленной продукции и работ

1. Мастер может помещать на изготавливаемых им, его учениками товарах специальный знак (клеймо), по которому их можно отличить от товаров других ремесленников.

2. Ремесленные организации могут иметь коллективное клеймо, которое вправе использовать лишь субъекты ремесленничества, являющиеся их членами и наделенные соответствующим решением правом использования такого клейма.

3. Субъекты ремесленничества - юридические лица могут иметь коллективное клеймо, которое вправе использовать лишь ремесленники, являющиеся их работниками и наделенные соответствующим решением правом использования такого клейма.

4. Клейма субъектов ремесленничества должны отличаться друг от друга, они подлежат регистрации в уполномоченном государственном органе в области охраны интеллектуальной собственности и традиционных знаний.

Статья 10. Вступление в силу настоящего Закона

Настоящий Закон вступает в силу по истечении пятнадцати дней со дня официального опубликования.

Кабинету Министров Кыргызской Республики в шестимесячный срок привести свои нормативные правовые акты в соответствие с настоящим Законом.

Президент Кыргызской Республики **С.ЖАПАРОВ**

г.Бишкек, 8 февраля 2022 года, №14

Мыкты айыл өкмөт

Алимбек САБИРОВ:

“АК-САЙ – ЧЫНЫГЫ ЭМГЕКЧИЛ ИНСАНДАРДЫН АЙЫЛЫ”

Баткен районунун Ак-Сай айыл өкмөтү чек арага чектеш өзгөчө стратегиялык аймак. Бул аймакка өзгөчө статус макамы берилген. Облус ичинде өткөрүлгөн сынакта Ак-Сай айыл өкмөтү 2021-жылдын жыйынтыгы менен “Жылдын мыкты айыл өкмөтү” деп табылды. Аймактын социалдык-экономикалык абалы, чек арага чектеш жайгашкандыктан коңшулар менен мамилеси тууралуу Ак-Сай айыл өкмөтүнүн башчысы Алимбек Сабиров менен маек курдук.



- Алгач Ак-Сай айыл өкмөтү тууралуу кыскача маалымат берсеңиз?

- Ак-Сай айыл өкмөтү – Баткен облусунун эле эмес, өлкө үчүн өзгөчө стратегиялык аймак. Дал ушул аймак аркылуу 200 миңге жакын калк жашаган Лейлек районуна, Сүлүктү шаарына жана Баткен районунун 30 миңден ашык Ак-Татыр, Самаркандек, Ак-Сай айыл аймактарына жол өтсө, Баткен районунун Кара-Бак, Бужум, Дара айыл аймактарына жана Баткен шаарына Төрт-Күл каналы аркылуу суу жеткирилет. Бул аймак Тажикстандын Исфара районуна караган 40 миңдей адам жашаган Ворух анклавы менен да чектешет. Чырчатактын чордону болгон Төрт-Көчө, протокол чыры менен белгилүү болгон 275 метр аралык дагы Ак-Сай айыл аймагына кирет. Ак-Сай айыл аймагынын жалпы аянты 3548 гектарды түзөт. Айыл аймактагы 6 билим берүү мекемесинде жалпысынан 94 мугалим 988 окуучуга билим-тарбия берип келет. Аталган айыл аймакта 2247 кожолук, же 8500 калк жашайт. Ак-Сай, Көк-Таш, Үч-Дөбө, Капчыгай, Таш-Тумшук, Миң-Булак айылдарынан турган бул аймак Баткенге берилген өзгөчө статус макамынын бардык жеңилдиктеринен пайдаланышат. Айылдын туруктуу жашоочуларынын пенсиялары 2000 сомго, жөлөкпулдары эки эсеге жогорулатылып, электр энергиясы 50%га жеңилдетилди. Ал эми дарыгерлер, мугалимдер, күч түзүмдөрүнүн кызматкерлеринин айлыгын көтөрүү маселеси да сунушталды.

- Облус ичинде өткөрүлгөн сынакта Ак-Сай айыл өкмөтү «Жылдын мыкты айыл өкмөтү» деп табылды. Сыйлыгыңыздар кут болсун! Кандай критерийлерден улам ушундай сыймыкка татыдыңыздар?

- Рахмат! Өткөн жыл чек арадагы жаңжалдарга карабастан биз үчүн ийгиликтүү жыл болду. Бардык көрсөткүчтөрдү камсыз кылдык. Айылыбыздын инфраструктурасы өстү. Өлкө башчысынын колдоосу менен Ак-Сай айыл өкмөтүнө караштуу бардык айылдарыбызга ФАП, мончо, балдар бакчалары, мектептер курулду. Ал эми өткөн жылы болсо 6 млн сомдон ашык инвестициялар тартылып, 13 долбоорду ишке ашырдык. Салыктардын бардык түрү боюнча планыбыз 125%га аткарылды.

- Аймактагы аткарылган иштерге кененирээк токтолуп кетсеңиз?

- Биздин аймак чек арада жайгашканы менен көп социалдык көйгөйлөр чечилбей кала берген. Өткөн жылды сөз болуп ишке ашпай келген социалдык маселелерди чечүүчү жыл деп атасак да болот. Өнүгүү программасынын алкагында Ак-Сай айылында таза суу тармактары оңдолуп, Бакай участкасына электр линиясы тартылды. “Ак-Сай жаштары” фонду тарабынан муктаж үйбүлөнүн үйү толук бүткөрүлүп берилди. Спорттук зал капиталдык оңдоп-түзөөдөн өткөрүлүп, спорттук эмеректер менен камсыздалды. Гараж участкасындагы ички жолдорго шагыл төшөлдү. Маданият үйү, ФАП капиталдык оңдоп-түзөөдөн өттү. Дагы бир муктаж үй-бүлөгө “Ак-Ниет” аманат фонду тарабынан үй курулуп берилди. Жаңы конуштарга электр линиясы тартылды. Таш-Тумшук негизги жана Көк-Таш башталгыч мектептерине видеобайкоо орнотулду. Үч-Дөбө айылына ФАП, көпүрө курулуп, айылга таза суу линиясын тартуу үчүн суу сактагыч курулду. Миң-Булак айылына 63 жана 100 кВт трансформаторлор коюлду. Миң-Булак айылына электр линиясы тартылып, түнкү жарыктандыруу орнотулду. Көк-Таш айылындагы ички жолдор оңдолду. Көк-Таш айылынын Дахма участкасына түнкү жарыктандыруу, видеобайкоо орнотулду. Үч-Дөбө, Таш-Тумшук жана Көк-Таш айылдарындагы жакыр үйбүлөлөрдүн үйү толук оңдолуптүзөлдү.

- Сизди “чек арачы өкмөт” деп коюшат экен. Коңшулар менен мамилеңиздер кандай?

- Биздин негизги көйгөйлүү маселелерибиз: чек ара, сугат суу, таза суу жана миграция. Кээде коңшу тажик коллегалар менен жолугушуп турабыз. Ак-Сай айыл өкмөтү Баткен районунун чек арада жайгашкан айыл өкмөттөрүнүн бири болгондуктан Баткен райондук мамлекеттик администрациясы, райондук мекемеишканалардын жетекчилери менен коңшу Тажик Республикасынын Исфара районунун жергиликтүү бийлик өкүлдөрү менен биргеликте 15 жолу расмий жолугушуулар өткөрүлүп, өз ара кызматташтык маселелери талкууланды. Ошондой эле достукту жана ынтымакты бекемдөө максатында маданий иш-чаралар жана тегерек столдор өткөрүлүп турат.

- Калктын турак жай маселесин кандай чечип жатасыздар?

- Көп жылдан бери көйгөйгө айланган турак жай маселесин да жеңилдеттик. Бул маселени чечүү үчүн жалпы аянты 149,4 га жер тилкеси трансформацияланып, анын 100 гектарын жарандарга бердик. Кезеги менен дагы беребиз. Бир сөз менен айтканда, калкыбыздын туруктуу жашап калуусу үчүн ар тараптуу шарттарды түзөбүз.

- Бакай участкасындагы жаңы насостук станция ишке берилдиби?

- Бакай участкасындагы жаңы насостук станция пайдаланууга берилишин элибиз чыдамсыздык менен күтүүдө. Бул долбоор ишке ашса, кошумча 131 гектар жаңы жерлер өздөштүрүлүп, 225 гектар сууга болгон жерлердин абалы жакшырат. Жалпы наркы 55,0 млн сомдук бул насостук станция жакынкы убакта пайдаланууга берилет деген үмүттөбүз.

- Ак-Сай – Тамдык жол курулушу бүтүп калдыбы? Бул жол сиздер үчүн өтө маанилүү эмеспи?

- Ак-Сай – Тамдык жолунун курулушу республикалык бюджеттин эсебинен 2014-жылы башталган. Азыркы күндө курулуш иштери улантылып, аяктоо стадиясында (2 км калды) турат. Бул жол бүткөрүлсө, ак-сайлыктар Ворух анклавына көз карандысыз жол аркылуу жайыттарды кеңири пайдалануу мүмкүнчүлүк түзүлөт. Кабарыңыздар бар чыгаар, бул чейин жайыт маселеси боюнча жаз келген сайын жаңжалдар чыгып келген.

- Аймактарда айрыкча социалдык маселелерде көйгөйлөр көп эмеспи, алар кандай чечилүүдө?

- Ак-Сай айыл аймагына акыркы жылдары өлкө тарабынан өзгөчө көңүл бурулуп, бардык социалдык көйгөйлөр чечилүүдө. Чакан Үч-Дөбө айылынын өзүнө эле заманбап мектеп, балдар бакчасы, кондитердин цех, коомдук мончо бардык шарттары менен бүткөрүлүп, пайдалануу берилди. Ал эми Көк-Таш айылынын М.Назаров жана О.Боронбаев көчөлөрү Тажик Республикасынын Исфара районунун Майский, Саманен айылдары менен чектешкен аймактар. Аталган аймактын коопсуздугун камсыздоо боюнча Көк-Таш айылдык милиция бөлүмчөсү Тажик Республикасынын Исфара районунун Майский, Саманен, Чоркух, Хожай-Аьоло айылдары жана Ворух анклавы менен чектешкен айылдарын тейлешет. Аларга кошумча КРнын ИИМинин Ички коопсуздук аскер кызматынын 707 бөлүгү ыктыярдуу элдик кошуундар менен биргеликте кайгуул күзөттөрдү жүргүзүп турушат.

- Элетти эмгекчи эл көтөрөт. Ак-Сайдан да мыкты фермерлер чыкканын угуп жүрөбүз...

- Ак-Сай – чыныгы эмгекчил инсандардын айылы. Бөксө тоолор менен курчалган айылды мисир тутуп жашаган элдин өзгөчө кичи пейилдиги, мекенчилдиги башкалардан өзгөчөлөнүп турат. Негизги кирешесин мал чарбачылыгынан алган Ак-Сайдан Ибрагим Сабиров, Исабек Рустамов, Саатбек Жанжигитов, Точу Амираев, Мидин Калматов, Абдугапар Анаров сыяктуу фермерлер чыгып, бүгүнкү күндө тыбыт багытындагы эчки чарбачылыгын өнүктүрүүдө. Ал эми айымдардын арасынан чыккан Сайрам Зулпукарова менен Айсалкын Абытованын эмгегин өзгөчө баалоого татыйт. 600дөн ашык ири мүйүздүү малдарды өстүрүп, чакан айылда чоң киреше тапкан Сайрам Зулпукарова менен ири тоок ферма ачып, бүтүндөй Баткен районун жумуртка менен камсыз кылып келген Айсалкын Абытованын эмгеги мамлекеттик сыйлыкка татыктуу.



Адылбек АКМАТОВ,
Гүлчехра ТАЖИБАЕВА

Программа кандидата на должность депутата Жогорку Кенеша КР по одномандатному Первомайскому избирательному округу №27

САРТАЕВ Анвар Айдарович

Дата и место рождения: **30.01.1955 г., г. Пермь, РФ**

Место работы и занимаемая должность: **Полковник в отставке, военный правозащитник**

Лозунг: **«За достойную жизнь и безопасность наших граждан»**

Моя предвыборная программа направлена на защиту, восстановление и отстаивание прав военнослужащих, сотрудников правоохранительных органов, гражданского персонала ВС КР, военных пенсионеров и членов их семей, учителей, медицинских и социальных работников.

Уверен, что многолетний опыт и успешная практика защиты прав военнослужащих и сотрудников правоохранительных органов позволят мне в качестве депутата ЖК КР более оперативно и эффективно решать проблемы и вопросы, которые возникают в военной, трудовой и повседневной жизни и деятельности кыргызстанцев. Решать проблемы и задачи по демаркации границ Кыргызстана с Республикой Таджикистан и Республикой Узбекистан.

Для достижения данных целей мной подготовлен первоочередной план соответствующей работы с депутатами Жогорку Кенеша, Кабинетом Министров и Администрацией Президента Кыргызской Республики. Главный принцип моей работы - неравнодушие и стремление помочь каждому, кто обращается ко мне за помощью.

Оплачено из избирательного фонда кандидата в депутаты ЖК КР, по одномандатному Первомайскому избирательному округу №27 Сартаева Анвара Айдаровича удостов. №34 от 28 январь 2022 г.

Предвыборная программа кандидата в депутаты по одномандатному Свердловскому избирательному округу №29 Токмулина Рафаэля Мубараковича

- Поддержка президента и правительства;
- Государственное эффективное управление;
- Преодоление безработицы, экономических затруднений;
- Социальная справедливость и моральная ответственность для всех;
- Социальная защита инвалидов, сирот и стариков;
- Свобода и защита предпринимательства;
- Равенство всех перед законом;
- Единство;
- Братство;
- Мир;
- Благополучие;
- Спокойствие в каждый дом, в каждую семью.

Оплачено из избирательного фонда кандидаты в депутаты ЖК КР по одномандатному Свердловскому избирательному округу №29 Токмулина Рафаэла Мубараковича (удостов. №48)

МИЛЛИОН ЭМГЕК МИГРАНТЫН БАТЫРГАН РОССИЯ

Учурда Россия Федерациясында 1 млн 63 миң кыргызстандык эмгек миграциясында жүрөт. Ал эми 76 миң кыргызстандык "кара тизмеде" болгону үчүн Россия Федерациясына баруу мүмкүнчүлүгү жок.

Жалпысынан Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигине караштуу Жарандарды чет өлкөдө ишке орноштуруу борборунун маалыматы боюнча 1 млн 188 миң жараныбыз тышта иштеп жүрүшөт. Мындан тышкары Казакстанда 30 миң, Түркияда 20 миң жараныбыз иштешет. Ошондой эле АКШ, Германия, Канада, Италия сыяктуу өлкөлөрдө да 5 миңден 10 миңге чейин жарандарыбыз бар.

Бегим ТУРДАЛИЕВА

КР Жогорку Кеңешине бир мандаттуу №29 Свердлов шайлоо округу боюнча депутаттыгына талапкер Майрамбек уулу Калыстын программасы

«Билимдин кыйрашы – улуттун кыйрашы!»

Программамды ушул цитата менен баштайын деп чечтим. Биздин өлкөдө билим берүүгө жетиштүү көңүл бурулбай, мамлекеттин өнүгүшүнө кошкон салымы бааланбай жатат деп эсептейм. Билим – өлкөнүн өнүгүшүнүн, коомдун баалуулуктарынын жана маданий өсүштүн маанилүү критерийлеринин бири. Билим берүү менин программамдагы негизги багыттардын бири.

- Жаштар теорияга караганда практика аркылуу жакшыраак үйрөнүшөт. Ошондуктан мен «Практикага багытталган билим берүү процессин киргизүү жөнүндө» мыйзамды сунуштайм, анда студенттерге практика учурунда упай алуу үчүн атайын күндөлүк берүүнү билдирет. Практиканын жетиштүү мөөнөтү жана жогорку балл алган учурда диплом менен бирге атайын сертификат берилет, ал иш берүүчүлөргө бүтүрүүчүнүн негизги тажрыйбасы бар-жоктугун аныктоого жардам берип, кызматкерлерди окутуу мөөнөтүн кыскартат.
- Кесипкөй кадрлардын жетишсиздигин чечүү үчүн «Мыкты студенттерди чет мамлекеттерге окууга жөнөтүү жөнүндө» мыйзамды сунуштайм, бул мыйзамдын шарты боюнча чет өлкөдө окуп келген бүтүрүүчүлөр мамлекеттик органдарда 5

жылга чейин иштөөгө милдеттүү. Бул кесипкөй кадрлардын жетишсиздигин жоюуга мүмкүндүк берет.

Ошондой эле, менин ишимдин маанилүү багыты "Экология" маселелери болот. Бул глобалдуу көйгөй жана ага тийиштүү көңүл буруу зарыл. Анткени, экология ден соолуктан тышкары экономика жана туризм тармагына түздөн-түз таасирин тийгизет. Ал эми Кыргызстандын "Эко Туризмди" өнүктүрүү боюнча потенциалы чоң.

- Жарандардын сабатсыздыгы экологиялык көйгөйлөрдүн булактарынын бири. Туура чагылдыруу менен биз экологиябызга олуттуу таасирин тийгизе алабыз. Ушул максатта "Экологиялык көйгөйлөрдү чагылдыруу үчүн мамлекеттик жана жеке менчик телекомпаниялар жана радиолор тарабынан эфирдик убакытты милдеттүү түрдө берүү жөнүндө" мыйзамды сунуштайм, бул калктын арасында экологияга болгон маанини жана кылдат мамилени жогорулатууга кызмат кылат.
- Айлана-чөйрөнү өнүктүрүүгө эл аралык кирешелерден түшкөн каражаттардын чыгымдалышына да көзөмөл болушу керек. Акыркы 15 жылдын ичинде эле Ысык-Көл облусунун экологиясын сактоо үчүн эл аралык уюмдардан 200 000 000 доллардан ашык каражат түшкөн, бирок ал каражат кайда жумшалганы ушул күнгө чейин белгисиз.

Андан сырткары, Свердлов районунун тургундары менен дайыма жолугушуулар салтка айланышы керек деп эсептейм. Анткени, көйгөйлөрдү мобилдүү түрдө чечүү үчүн тургундар менен байланышта болуп, биргеликте иш алып баруу зарыл.

Менин ишмердүүлүгүм бул программа менен эле чектелбейт, тескерисинче, өлкөбүздүн кызыкчылыгы үчүн көйгөйлөрдү биргелешип чечүүгө ачык болом жана адистерди, эксперттерди жана биригүүнү каалагандардын баарын чакырам!

КРнын Жогорку Кеңешине бир мандаттуу №29 Свердлов шайлоо округунан депутаттыкка талапкер Майрамбек уулу Калыстын шайлоо фонду эсебинен каржыланды. Финансы боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү Сыргак кызы Гулнура (каттоо күбөлүгү №75).

КР Жогорку Кеңешине бир мандаттуу №27 Биринчи май шайлоо округунан депутаттыкка талапкер Искендеров Эльман Хыдыровичтин шайлоо программасы

ПРОГРАММА

1. КРМС (Кыргыз Республикасынын мамлекеттик стандарты) системасына кайтуу (Азык-түлүктү фальсификациялоо үчүн кылмыш-жаза жоопкерчилигин киргизүү).
2. Азык-түлүк коопсуздугун камсыздоо (айылды туруктуу өнүктүрүү программасы, ири айыл чарба жана мал чарба өндүрүшүнүн, ошондой эле айылдын социалдык инфраструктурасынын кайра жаралуусу).
3. Таза суу маселесинин чечилиши.
4. Бааларды көзөмөлдөө (алып-сатарлык бааларды токтотуу).
5. Сугаруу жана дыйканчылык кылуу инновациялык (жаңылануу) системаларын киргизүү.

6. Катуу ооруган балдарды жана пенсионерлерди мамлекеттин эсебинен акысыз дарылоо.
7. Дене тарбия жана спортту өнүктүрүү.
8. Улуттук маданиятты кайра жандандыруу (театр, китепкана, маданият үйлөрүнө колдоо көрсөтүү).
9. Асыл тукум мал чарбаны өнүктүрүү боюнча селекционерлерге мамлекеттик колдоо көрсөтүү.
10. Ээсиз калган жаныбарлар үчүн атайын жайларды түзүү.
11. Жеке сектор жана жаңы конуштарды газдаштыруу.
12. Энелик жана балалыкты колдоо (энелик капиталды жогорулатуу).
13. Мугалим, дарыгер жана аскер кызматчыларынын айлык акысын көтөрүү жана жеңилдиктерди берүү.
14. Ирригациондук системаларын жакшыртуу жана жаңыртуу.
15. Бишкектин бир кездеги жашыл шаар деген даңкын кайтаруу.

КРнын Жогорку Кеңешине бир мандаттуу №27 Биринчи май шайлоо округунан депутаттыкка талапкер Искендеров Эльман Хыдыровичтин шайлоо фонду эсебинен каржыланды. (Каттоо күбөлүгү №43).

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
Эркин-Тоо

КР ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ДЕПУТАТТЫГЫНА БИР МАНДАТТУУ №27 БИРИНЧИ МАЙ ШАЙЛОО ОКРУГУНАН ТАЛАПКЕР АКЫЛБЕКОВ РУСЛАНБЕК АКЫЛБЕКОВИЧТИН ШАЙЛОО АЛДЫНДАГЫ ПРОГРАММАСЫ:

Урааны: "Сен өзгөрүүнү каалайсыңбы? - Ойгон! Кошул! "Макул" деген добушуңду бер!

БИЛИМ БЕРҮҮ, ИЛИМ ЖАНА МАДАНИЯТ

- Билим берүүнүн бардык программаларын жана усулдарын дүйнөнүн заманбап талаптарына ылайыкташтыруу, ишкердикти, санариптик коммуникациялык көндүмдөргө үйрөтүү жана заманбап медианы өнүктүрүү;
- Мугалимдерди татыктуу эмгек акы менен камсыз кылуу жана ашыкча иштөөгө тыюу салуу, мугалимдерди чыгармачылык өз алдынчалыкка кайтаруу жана бюрократиялык түзүмдөрдү жоюу;
- Аймактык жана муниципалдык балдардын искусство мектептерин реконструкциялоо жана (же) капиталдык оңдоолорду жүргүзүү;
- Мамлекеттик жеке өнөктөштүк механизмин колдонуу менен маданий мурас объекттерин калыбына келтирүүнү камсыз кылуу.

САЛАМАТТЫКТЫ САКТОО

- Медициналык мекемелерди оптималдаштыруу менен мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдү уюштуруу (бирдиктүү терезе) жана отчёттун көлөмүн азайтуу;
- Массалык спорт жана дене тарбияны өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүү;
- Билим берүү мекемелерине «мектеп медицинасын» кайтаруу.

ЭКОНОМИКА ЖАНА ИШКЕРДИК

- Ишкердик, ишмердикти каттоону бюрократиясыз жана ашыкча формалдуулуксуз - билдирүү тартибинде камсыз кылуу;
- Ишкердикти колдоонун жана өнүктүрүүнүн натыйжалуу фондун түзүү;
- Инвестицияларды мамлекеттик коргоону камсыз кылуу;
- Укук коргоо жана башка текшерүүчү органдардын чарбакер субъекттердин жана жеке ишкерлердин ишине негизсиз кийлигишүүсүнө тыюу салуу.

ҮЙ-БҮЛӨ КООМДУН НЕГИЗИ

- Балалуу үй-бүлөлөрдү колдоонун башка мамлекеттик формаларын сактоо жана өнүктүрүү менен

энелик капиталдын концепциясын киргизүү (мисалы: Россияда);
- Аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдү социалдык колдоонун тутумун жана камтуусун кеңейтүү; эки же андан көп балалуу үй-бүлөлөргө салыктык жеңилдиктерди берүү жана аларга социалдык кызматтарды төлөө үчүн социалдык колдоо көрсөтүү;
- Жалгыз бой энелерди колдоо жана үй-бүлөлүк зомбулукка каршы күрөшүү

ЖАРАНДАРДЫН ЖАШОО ДЕҢГЭЭЛИН ЖАКШЫРТУУ

- Эмгекке жарамдуу калктын жашоо минимумунан төмөн эмес эмгек акынын минималдуу өлчөмүн жогорулатуу;
- Окуучулар арасында кесиптик багыт берүү тутумун киргизүү жана өнүктүрүү;
- Заманбап эмгек рыногунун талаптарына жооп берген кесиптик билим берүүнүн тутумун модернизациялоо.

АКЫЛБЕКОВ РУСЛАНБЕК АКЫЛБЕКОВИЧ

Туулган жылы: **07.10.1975-ж.**
Туулган жери: **Бишкек ш.**
Жарандыгы: **Кыргызстан**
Улуту: **кыргыз**
Үй-бүлөлүк абалы: **бойдок**
Билими: **жогорку (юридикалык), Ж.Баласагын атындагы КУУнун юридикалык факультети (1992-1996-жж.)**

ЭМГЕК ТАЖРЫЙБАСЫ:

02.21 – 09.21-ж.– Бишкек шаарынын вице-мэри;
2018 – 2020-ж. – «Акрус групп» ЖЧКнын башкы директору;
2012 – 2020-ж. – «Флагман энд Фаворит» юридикалык-финансылык компаниясынын башкы директору;
2010 – 2012-ж. – Бишкек шаарынын Биринчи май райондук мамлекеттик администрация башчысы – акимдин орун басары;
2008 – 2009-ж. – Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин Жазаларды аткаруу боюнча башкы башкармалыгынын (ЖЖБ) башчысынын орун басары;
2006 – 2008-ж. – «Түндүкэлектр» ААКнын башкы директорунун орун басары, башкаруу мүчөсү;
2006 – 2008-ж. – Дүйнөлүк банктын (ДБ) жана Германия өнүктүрүү банкынын (KFW) «Кыргыз Республикасындагы электр менен камсыздоо жана жылуулук тармактарын реабилитациялоо» долбоорунун директору;
2005 – 2006-ж. – Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Банктарды кайра уюштуруу жана карызды реструктуризациялоо боюнча агенттиктин директорунун кеңешчиси;
2002 – 2004-ж. – "LECT" юридикалык жана финансылык компаниясынын башкы директору;
2002 – 2003-ж. – Кыргыз Республикасынын Президентинин Аппаратынын "Соода үйү" мамлекеттик ишканасынын директорунун орун басары;
1997 – 1998-ж. – Кыргыз Республикасынын Курчап турган чөйрөнү коргоо жана экология министрлиги, министрдин кеңешчиси;
1997 – 2000-ж. – Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин юридикалык факультети жана дистанттык окутуу борборунун улук окутуучусу;
1997 – 2002-ж. – Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Мыйзам чыгаруу жыйыны – жардамчы, улук консультант;
1996 – 1997-ж. – Бишкек шаарынын Октябрь жана Ленин райондорунун прокуратурасы – жардамчы;
1995 – 1996-ж. – "Жердик Компани" ЖЧКнын юристи.
Кыргыз жана орус тилдеринде эркин сүйлөйт.

КРнын Жогорку Кеңешине бир мандаттуу №27 Биринчи май шайлоо округунан депутаттыкка талапкер Акылбеков Руслан Акылбековичтин шайлоо фонду эсебинен каржыланды. Шайлоо боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү Тилекеев К.А. (каттоо күбөлүгү №81)

КР Жогорку Кеңешинин депутаттыгына бир мандаттуу №27 Биринчи май шайлоо округу боюнча талапкер Токтакунов Нурбек Акбаровичтин шайлоо алдындагы программасы

1. Бийликтин балансы жана тең салмактуулугу

Бийликке кадыр-барктуу аткаминерлер келип, коррупцияны тыйып, экономиканы жана турмуштун башка тармактарын жакшырта алабыз деген көптөн берки үмүт акталган жок. Анткени, азыркы саясий система эң өжөр, жакшы ниеттеги адамдарды да өзүнө сиңирип жатат. Мен эч кандай куру үмүттөнбөйм жана Жогорку Кеңештин трибунасын бийлик бутактарынын ортосундагы тең салмактуулукту, башкача айтканда, тизгиндөө жана тең салмактуулук системасын куруу үчүн колдонууну пландаштырып жатам. Эң коррупциялашкан мамлекетте да мындай система Мыйзамдын үстөмдүгүнө, натыйжада стабилдүүлүккө, инвестицияга жана бакубаттуулукка алып келет. Мындай коомдо бийликтин ээн баштыгына, саясий куугунтукка, элдин пикирин тоготпоого орун жок. Бийликтеги топ басмырлап, мажбурлап гана эмес, өз шайлоочулары, башка саясий топтордун пикири менен эсептешүүгө туура келет. Ар кандай саясий күчтөрдүн, түрдүү кызыкчылык топтордун орток пикир келишпестиктеринин натыйжасы болгон мына ушундай чечимдер жана мыйзамдар гана коомго, өлкөгө пайдалуу. Бул жалпы өлкөнүн жыргалчылыгы үчүн коомдо тең салмактуулукту жана балансты жаратат.

2. Адилеттүү сот системасы

Бийлик адам укугун сыйлабаса, анда кыжырдануу, ачууланууу пайда болот. Адамдардын өзүндө укуктарынын бузулушуна ачууланууу жана кыжырдануу канчалык көп болсо, бийлик ошончолук туруктуу эмес. Ошондуктан улуттук коопсуздуктун негизинде адам укуктары турат. Соттор адилеттүүлүктү жана бийликтин адамга карата сый-урмат мамилесин орнотууда негизги ролду ойнойт. Адилеттүү соттор коомдук нааразычылыктын белгилүү бөлүгүн алып таштап, элдин жана бийликтин биримдигин камсыз кылат. Депутат болуу менен мен соттук мыйзамды жана бүтүндөй соттордуу реформалоону демилгелөө ниетиндемин. Көз карандысыз жана туура курулган сот системасы укуктук чөйрөнүн сапатын жана адам укуктарын сактоону жакшыртууга алып келет. Эгерде сот

кабыл албаса, анда далилдерди мыйзамсыз алуунун эмне кереги бар? Күнөөсүз адамды кармоонун эмне кереги бар, эгерде сот аны коё берсе? Эмне үчүн мүлктү алып коюу керек, эгерде сот аны мыйзамдаштырбаса?

3. Бийликти децентралдаштыруу

Эгемендүүлүк алгандан бери Кыргыз Республикасынын Конституциясында бийлик элге таандык деп жазылганы менен иш жүзүндө ал шайлоо мезгилинде гана ишке ашып келет. Элдин бийлигин чыңдоо үчүн аны децентралдаштыруу зарыл, б.а. бийликти борбордук аппараттардан эл менен көбүрөөк байланышта болгон жана айлана-чөйрөнү жакшы түшүнгөн баштапкы бөлүмдөргө, аймактык бөлүмдөргө жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына өткөрүп берүү. Ыйгарым укуктар менен катар жергиликтүү тургундардын алдындагы жоопкерчилик да табигый түрдө өтөт. Ошондуктан алардын ишмердүүлүгүнө баа берүү шайлоочуларга жүктөлөт. Жергиликтүү тургундардын сырткы баасына ылайык гана Өкмөт же Президент жергиликтүү бийликти өз каалоосу менен дайындап жана алып салбашы керек. Качан жергиликтүү бийлик алардын позициясы жергиликтүү тургундардан көз каранды экенин түшүнгөндө, ошондо гана Ички иштер органдарынын жетекчилери, акимдер, башкы дарыгерлер, директорлор тургундардын пикири менен эсептешет. Бийликтин бардык деңгээлдеринде децентралдаштыруу элге иш жүзүндө бийликтин булагы жана өз мамлекетинде кожоюн болууга мүмкүндүк берет.

Мен Парламентте жалгыз болом да, пландап жаткандарымды аткара алambы?

Жалгыз аттын артынан да чаң чыгат! Бир добуш да баарын чечет! Сиздин мага берген добушуңуз шайлоодо чечүүчү болушу мүмкүн, менин парламенттеги добушум биздин жалпы келечегибиз үчүн чечүүчү. Мен көп жылдар бою адам укугу үчүн күрөшүп, куугунтукка, коркутууларга, кысымдарга дуушар болдум, бирок бардык тоскоолдуктарга карабай, депутаттык мандатым жок болсо да чоң ийгиликтерге жетиштим.

Бизди жаркыраган келечек кайдадыр алыс экенине, тез өзгөрүү мүмкүн эмес экенине ишендирүүгө аракет кылышат, бирок мен Сорбон революциясынын париждик студенттеринин учкул сөзү менен жооп берейин:

"Реалист болгула - мүмкүн эмести талап кылгыла!".

Даярдоочу "Эркин-Тоо" гезити, дареги: Бишкек шаары, Абдумомунов көчөсү №193, нускасы 13860, 2022-жылдын 11-февралы, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер Токтакунов Нурбек Акбаровичтин буюртмасы менен даярдалды. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер Токтакунов Нурбек Акбаровичтин шайлоо фондунун каражаттарынын эсебинен каржы боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү Жедигерова Ильяна Салибаевна аркылуу төлөндү.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТЕРИНИН КЭЭ БИР ДЕПУТАТТАРЫНЫН ЫЙГАРЫМ УКУКТАРЫН МӨӨНӨТҮНӨН МУРДА ТОКТОТУУ, КАТТАЛГАН ТАЛАПКЕРЛЕРДИН ТИЗМЕСИНЕН ЧЫГАРУУ ЖАНА БОШ КАЛГАН ДЕПУТАТТЫК МАНДАТТАРДЫ ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТЕРДИН ДЕПУТАТТЫГЫНА ТАЛАПКЕРЛЕРГЕ ӨТКӨРҮП БЕРҮҮ ЖӨНҮНДӨГҮ ЫСЫК-АТА, КАРА-СУУ, БАКАЙ-АТА, ЛЕЙЛЕК, ТОКТОГУЛ АЙМАКТЫК ШАЙЛОО КОМИССИЯЛАРЫНЫН ЧЕЧИМДЕРИН БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

ТОКТОМУ

«Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 20-беренесине, «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3-беренесине жана «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 52-беренесине ылайык Ысык-Ата, Кара-Суу, Бакай-Ата, Лейлек, Токтогул аймактык шайлоо комиссиялары жергиликтүү кеңештердин кээ бир депутаттарынын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу, катталган талапкерлердин тизмесинен чыгаруу жана бош калган депутаттык мандаттарды талапкерлерге өткөрүп берүү жөнүндө чечимдерди кабыл алышкан.

«Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 3, 4, 8-беренелерине, «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 52-беренесине жана «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3-беренесине ылайык Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Ысык-Ата, Кара-Суу, Бакай-Ата, Лейлек, Токтогул аймактык шайлоо комиссияларынын жергиликтүү кеңештердин 1-тиркемеде көрсөтүлгөн депутаттарынын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу боюнча чечимдери бекитилсин.

2. Кара-Суу аймактык шайлоо комиссиясынын 2-тиркемеде көрсөтүлгөн катталган талапкерлердин тизмесинен чыгаруу боюнча чечими бекитилсин.

3. Ысык-Ата, Кара-Суу, Бакай-Ата, Лейлек, Токтогул аймактык шайлоо комиссияларынын 3-тиркемеде көрсөтүлгөн бош калган депутаттык мандаттарды шайланган депутаттардан кийинки талапкерлерге өткөрүп берүү жөнүндө чечимдери бекитилсин.

4. Жергиликтүү кеңештердин 1-тиркемеде көрсөтүлгөн депутаттарынын күбөлүктөрү ушул токтом жарыяланган күндөн тартып анык эмес деп таанылсын.

5. Ысык-Ата, Кара-Суу, Бакай-Ата, Лейлек, Токтогул аймактык шайлоо комиссиялары 3-тиркемеде көрсөтүлгөн жергиликтүү кеңештердин шайланган депутаттарын каттасын жана аларга белгиленген үлгүдөгү күбөлүктөрдү жана төш белгилерди тапшырсын.

6. Бул токтом «Эркин-Тоо» газетасына жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

7. Бул токтомдун көчүрмөсү тиешелүү аймактык шайлоо комиссияларына жана жергиликтүү кеңештерге жөнөтүлсүн.

8. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары Т.У.Шайназаровго жүктөлсүн.

ТӨРАГА **Н.ШАЙЛДАБЕКОВА**

Бишкек ш., 2022-жылдын 8-февралы, №8

Кыргыз Республикасынын
Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча
борбордук комиссиясынын
2022-жылдын 8-февралындагы
№8 токтомунун 1-тиркемеси

Депутаттык ыйгарым укуктары мөөнөтүнөн мурда токтотулган жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын тизмеси

№	Жергиликтүү кеңештердин аталыштары	Депутаттык ыйгарым укуктары мөөнөтүнөн мурда токтотулган жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын Ф.А.А.	Ыйгарым укугунун токтотулушунун себеби	Депутаттын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу боюнча АШКнын чечиминин №жана датасы
Чүй облусу				
Ысык-Ата району				
1.	Красная-Речка айылдык кеңеш	Кожомамбетов Азамат Асанбекович	Өз арызы	№1, 02.02.2022-ж.
2.	Сын-Таш айылдык кеңеш	Джолдошев Максат Таалайбекович	Өз арызы	№2, 02.02.2022-ж.
Ош облусу				
Кара-Суу району				
3.	Төлөйкөн айылдык кеңеш	Туленбаев Заирбек Абдумаликович	Өз арызы	№1, 02.02.2022-ж.
Талас облусу				
Бакай-Ата району				
4.	Шадыкан айылдык кеңеш	Сейитов Мүзүрбек	Өз арызы	№33, 27.12.2021-ж.
Баткен облусу				
Лейлек району				
5.	Тогуз-Булак айылдык кеңеш	Абдилла уулу Назарбек	Өз арызы	№13, 01.02.2022-ж.
Жалал-Абад облусу				
Токтогул району				
6.	Кетмен-Төбө айылдык кеңеш	Тажиев Нурбек Ажыкулович	Өз арызы	№1, 04.02.2022-ж.

Кыргыз Республикасынын
Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын
2022-жылдын 8-февралындагы
№8 токтомунун 2-тиркемеси

Жергиликтүү кеңештердин депутаттыгына саясий партиялардын катталган талапкерлеринин тизмесинен чыгарылган талапкерлердин тизмеси

№	Жергиликтүү кеңештердин аталыштары	Катталган талапкерлердин тизмесиндеги талапкердин Ф.А.А.	Негиз	Тизмеден чыгаруу боюнча АШКнын чечими
Ош облусу				
Кара-Суу району				
1.	Төлөйкөн айылдык кеңеш	Кенжемуратов Алтынбек Бакытбекович	Өз арызы	№1, 01.02.2022-ж.

Кыргыз Республикасынын
Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын
2022-жылдын 8-февралындагы
№8 токтомунун 3-тиркемеси

Жергиликтүү кеңештердин шайланган депутаттары деп таанылган талапкерлердин тизмеси

№	Жергиликтүү кеңештердин аталыштары	Жергиликтүү кеңештин кийинки шайланган депутатынын Ф.А.А.	Иштеген жери, ээлеген кызматы	Бош калган депутаттык мандатты ыйгаруу боюнча АШКнын чечими
Чүй облусу				
Ысык-Ата району				
1.	Красная-Речка айылдык кеңеш	Косяченко Светлана Владимировна	Бала бакча, тарбиячы	№1, 02.02.2022-ж.
2.	Сын-Таш айылдык кеңеш	Малтаев Максат Куттубекович	ЖЧК “Ак-Суу”, директор	№2, 02.02.2022-ж.
Ош облусу				
Кара-Суу району				
3.	Төлөйкөн айылдык кеңеш	Сайпидинов Чыныбек	Убактылуу иштебейт	№1, 02.02.2022-ж.
Талас облусу				
Бакай-Ата району				
4	Шадыкан айылдык кеңеш	Токкулиев Радилбек Айтбекович	“Айтбек” айыл чарба, дыйканчы	№33, 27.12.2021-ж.
Баткен облусу				
Лейлек району				
5.	Тогуз-Булак айылдык кеңеш	Сарыбаева Чынарай Нийматовна	“Маданият” орто мектебинин мугалими	№13, 01.02.2022-ж.
Жалал-Абад облусу				
Токтогул району				
6.	Кетмен-Төбө айылдык кеңеш	Сманов Торогазы Бабанович	Маданият үй, башчы	№2, 04.02.2022-ж.

2022-ЖЫЛДЫН 10-АПРЕЛИНЕ ДАЙЫНДАЛГАН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖАЛАЛ-АБАД, ЫСЫК-КӨЛ, НАРЫН, ОШ ЖАНА ЧҮЙ ОБЛУСТАРЫНЫН АЙРЫМ ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТЕРИНИН ДЕПУТАТТАРЫН ШАЙЛООГО КАТЫШУУЧУ ТАЛАПКЕРЛЕРДИН ШАЙЛОО ФОНДДОРУНУН АТАЙЫН ЭСЕБИН АЧУУ ҮЧҮН БАНК МЕКЕМЕЛЕРИН АНЫКТОО ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

ТОКТОМУ

«Кыргыз Республикасынын Жалал-Абад, Ысык-Көл, Нарын, Ош жана Чүй облустарынын айрым жергиликтүү кеңештеринин депутаттарын шайлоону дайындоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 8-февралындагы №31 ПЖ Жарлыгынын негизинде, «Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 4, 8, 14-беренелерин, «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 14-беренесин, «Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 25-беренесин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. 2022-жылдын 10-апрелине дайындалган Кыргыз Республикасынын Жалал-Абад, Ысык-Көл, Нарын, Ош жана Чүй облустарынын айрым жергиликтүү кеңештеринин депутаттарын шайлоого катышуучу талапкерлердин шайлоо фонддорунун атайын эсептерин ачуу үчүн «РСК Банк» ААКсы жана «Айыл Банк» ААКсы банк мекемелери болуп белгиленсин.

2. Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына каштуу Көзөмөлдөө-текшерүү тобу ушул токтомдон келип чыгуучу чараларды «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Мыйзамына ылайык көрсүн.

3. Ушул токтом «Эркин-Тоо» газетасына жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

4. Ушул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары Т.У.Шайназаровго жүктөлсүн.

ТӨРАГА **Н.ШАЙЛДАБЕКОВА**

Бишкек шаары, 2022-жылдын 9-февралы, №13

БИР МАНДАТТУУ №27 БИРИНЧИ МАЙ ЖАНА №29 СВЕРДЛОВ ШАЙЛОО ОКРУГДАРЫ БОЮНЧА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ДЕПУТАТТАРЫН КАЙРА ШАЙЛООДОГУ ШАЙЛОО БЮЛЛЕТЕНДЕРИ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

ТОКТОМУ

«Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 30-беренесине, «Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 4-беренесине ылайык, «Катуу көзөмөлдөгү отчеттуулук документтерин даярдоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1997-жылдын 22-сентябрындагы №540 токтомун жетекчиликке алып Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. 2022-жылдын 27-февралына дайындалган Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын кайра шайлоодогу бир мандаттуу №27 Биринчи май жана №29 Свердлов шайлоо округдары боюнча шайлоо бюллетендеринин формасы жана тексттери тиркеме ылайык бекитилсин.

2. Бул токтомдун 1-пунктта көрсөтүлгөн шайлоо бюллетендерди Бишкек шаары, Ибраимов көчөсү, 24 дареги боюнча жайгашкан «Учкун» ААКсында даярдоо ишке ашырылсын.

3. Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын аппаратынын шайлоо процессин уюштуруу башкармалыгы жана маалымат-коммуникация технологиялар башкармалыгы шайлоо бюллетендерин даярдоо процессинде шайлоо бюллетендеринин формасы жана сактоо даражасынын талаптарын камсыздоо максатында алдын ала тестирлөөнү ишке ашырсын.

4. Шайлоо бюллетендерди округдук шайлоо комиссияларга жеткирүү жана өткөрүп берүү үчүн жооптуулар болуп региондор боюнча бекитилген кураторлукка ылайык Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын мүчөлөрү белгиленсин.

5. Бул токтом «Эркин-Тоо» газетасына жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын (тиркемесиз).

6. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары Т.У.Шайназаровго жүктөлсүн.

ТӨРАГА **Н.ШАЙЛДАБЕКОВА**

Бишкек ш, 2022-жылдын 9-февралы, №10

2022-жылдын 27-февралы
КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ДЕПУТАТТАРЫН БИР МАНДАТТУУ ШАЙЛОО ОКРУГДАРЫ БОЮНЧА КАЙРА ШАЙЛОО

№27 Биринчи май шайлоо округу

ШАЙЛОО БЮЛЛЕТЕНИ

Шайлоо бюллетенин толтуруу тартиби:

Тандалган талапкердин оң жактагы бош квадратына же «Баарына каршы» позициясына тийиштүү белгини ☑ койгула.

Белги бир квадраттан ашык коюлган же бирине да коюлбай калган шайлоо бюллетени жараксыз деп эсептелет.

1.	НУРМАТОВ ТЕМИРБЕК АСАНОВИЧ	
2.	НУРДИНОВ БЕЙШЕНАЛЫ	
3.	ТОТОНОВ НУРБЕК ТЕМИРБЕКОВИЧ	
4.	СУРАБАЛДИЕВА ЭЛЬВИРА ЖЫРГАЛБЕКОВНА	
5.	ИСКЕНДЕРОВ ЭЛЬМАН ХЫДЫРОВИЧ	
6.	КЕРМАЛИЕВ ТААЛАЙБЕК ЖЕНИШОВИЧ	
7.	МАМБЕТСАДЫКОВ АЗАМАТ НУРБЕКОВИЧ	
8.	ДАВЛЯНОВ ДАМИРБЕК ТАЙЫРБЕКОВИЧ	
9.	КЕЛГЕНБАЕВ АКЖОЛТОЙ КОКОНБАЕВИЧ	
10.	САВИН ВИКТОР ЕВГЕНЬЕВИЧ	
11.	ИБРАЙМАКУНОВ ДАНИЯР ОМУРБЕКОВИЧ	
12.	АКЫЛБЕКОВ РУСЛАНБЕК АКЫЛБЕКОВИЧ	
13.		
14.	КАПАРОВ ЧЫНГЫЗ КАПАРОВИЧ	
15.	РЕМНЕВ РОМАН ПАВЛОВИЧ	
16.	СЫДЫКОВ УРМАТБЕК МУКАМБЕТЖУСУПОВИЧ	
17.	ГАПАРОВ АДЫЛБЕК АБДИКАРИМОВИЧ	
18.	ТАГАЙБЕК СУЛТАН	
19.	АБДЫКАДЫР УУЛУ БЕКТУР	
20.	МУСАЕВ ТАХИР НАСЫРОВИЧ	
21.	САРТАЕВ АНВАР АЙДАРОВИЧ	
22.	АБДЫРАЗАКОВА АЙЖАН УЛАНОВНА	
23.	ТОКТОКОЖОЕВ ТААЛАЙБЕК САМУДИНОВИЧ	
24.	АКЕРОВ ТАВЫЛДЫ АБДРАМАНОВИЧ	
25.	ТОКТАКУНОВ НУРБЕК АКБАРОВИЧ	
26.	САРИЕВ АКЫЛБЕК АБЛАБЕКОВИЧ	
27.	ЖУКОВ ВИТАЛИЙ ЮРЬЕВИЧ	
28.	БААРЫНА КАРШЫ	

Бюллетенди сүрөткө тартууга, видеого тартууга, ошондой эле добуш берүү жайынан алып чыгууга тыюу салынат!

Төрага _____ **М.О.** **Катчы** _____

_____, тираж_____

2022-жылдын 27-февралы
КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ДЕПУТАТТАРЫН БИР МАНДАТТУУ ШАЙЛОО ОКРУГДАРЫ БОЮНЧА КАЙРА ШАЙЛОО

№29 Свердлов шайлоо округу

ШАЙЛОО БЮЛЛЕТЕНИ

Шайлоо бюллетенин толтуруу тартиби:

Тандалган талапкердин оң жактагы бош квадратына же «Баарына каршы» позициясына тийиштүү белгини ☑ койгула.

Белги бир квадраттан ашык коюлган же бирине да коюлбай калган шайлоо бюллетени жараксыз деп эсептелет.

1.	МАЙРАМБЕК УУЛУ КАЛЫС	
2.	МАМАТКУЛОВ НУРЛАНБЕК ЖОЛОШОВИЧ	
3.	СУЛТАНБЕКОВ МУРАТБЕК КЕНЕШБЕКОВИЧ	
4.	АСПЕК УУЛУ АЗАМАТ	
5.	ХАКИМХОДЖАЕВ ЗУФАР ШАВКАТОВИЧ	
6.	АЛМАМБЕТОВА ГУЛЯ ИДИНОВНА	
7.	КУРМАНОВ ИЛЬЯС ЗАЙНИДИНОВИЧ	
8.	БОСИВСКАЯ КРИСТИНА ВАЛЕРЬЕВНА	
9.	ДЖООМАРТОВА РЫСКАН АБДИЕВНА	
10.	БАКИРОВ БАКЫТ ЖЕЕНТАЙОВИЧ	
11.	СТРОКОВА ЕВГЕНИЯ ГРИГОРЬЕВНА	
12.	АТАЗОВ ШАЙЛООБЕК КАРЫБЕКОВИЧ	
13.	БОЛОТБЕКОВ БАКЫТБЕК БОЛОТБЕКОВИЧ	
14.	АБЫШЕВ МЕДЕР БОЛОТОВИЧ	
15.	БЕЙШЕНБАЕВ ЭДИЛЬ НУРБЕКОВИЧ	
16.	АЛКАНОВА ЭЛНУРА САЙДИРАКМАНОВНА	
17.	СААДАБАЕВ БАКЫТ МУРАТБЕКОВИЧ	
18.	ИСИРАИЛОВА АНАРА УСОНБЕКОВНА	
19.	ДЖУМАГАЗИЕВА НУРЖАН КУРМАНБЕКОВНА	
20.	ТОКМУЛИН РАФАЭЛЬ МУБАРАКОВИЧ	
21.	АЛМАЗ УУЛУ АСКАР	
22.	КАРАМУШКИНА ИРИНА ЮРЬЕВНА	
23.	МУРТАЗАЛИЕВ АБДУРАХМАНХАДЖИ ШАМИЛЬЕВИЧ	
24.	САЛЯНОВА АИДА ЖЕҢИШБЕКОВНА	
25.	ЖОЛДОШОВА НАЗГУЛ АМАНТУРОВНА	
26.	БААРЫНА КАРШЫ	

Бюллетенди сүрөткө тартууга, видеого тартууга, ошондой эле добуш берүү жайынан алып чыгууга тыюу салынат!

Төрага _____ **М.О.** **Катчы** _____

_____, тираж_____

2022-ЖЫЛДЫН 10-АПРЕЛИНЕ ДАЙЫНДАЛГАН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖАЛАЛ-АБАД, ЫСЫК-КӨЛ, НАРЫН, ОШ ЖАНА ЧҮЙ ОБЛУСТАРЫНЫН АЙРЫМ ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТЕРИНИН ДЕПУТАТТАРЫН ШАЙЛООНУ ДАЯРДОО ЖАНА ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА НЕГИЗГИ УЮШТУРУУ-ПРАКТИКАЛЫК ИШ-ЧАРАЛАРЫНЫН КАЛЕНДАРДЫК ПЛАНЫ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

ТОКТОМУ

«Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 4-беренесин жетекчиликке алып, «Кыргыз Республикасынын Жалал-Абад, Ысык-Көл, Нарын, Ош жана Чүй облустарынын айрым жергиликтүү кеңештеринин депутаттарын шайлоону дайындоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 8-февралындагы ПЖ №31 Жарлыгы менен дайындалган жергиликтүү кеңештеринин депутаттарын шайлоону даярдоону жана өткөрүүнү уюштуруу максатында, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. 2022-жылдын 10-апрелине дайындалган Кыргыз Республикасынын Жалал-Абад, Ысык-Көл, Нарын, Ош жана Чүй облустарынын айрым жергиликтүү кеңештеринин депутаттарын шайлоону даярдоо жана өткөрүү боюнча негизги уюштуруу-практикалык иш-чараларынын календардык планы бекитилсин (тиркелет).

2. Бул токтом «Эркин-Тоо» газетасына жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

3. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары Т.У.Шайназаровго жүктөлсүн.

ТӨРАГА **Н.ШАЙЛДАБЕКОВА**

Бишкек ш., 2021-жылдын 9-февралы, №11

Кыргыз Республикасынын
Шайлоо жана референдум өткөрүү
боюнча борбордук комиссиясынын
2022-жылдын 9-февралындагы
№11 токтому менен бекитилген

2022-жылдын 10-апрелине дайындалган Кыргыз Республикасынын Жалал-Абад, Ысык-Көл, Нарын, Ош жана Чүй облустарынын айрым жергиликтүү кеңештеринин депутаттарын шайлоону даярдоо жана өткөрүү боюнча негизги уюштуруу-практикалык иш-чаралардын

КАЛЕНДАРДЫК ПЛАНЫ

Шайлоо күнү – жекшемби,
2022-жылдын 10-апрели

№	Иш-чаралардын мазмуну	Аткаруу мөөнөтү	Аткарууга жооптуулар
	Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын жарандарга, саясий партияларга, жалпыга маалымдоо каражаттарына (мындан ары – ЖМК), шайлоо комиссияларына жана шайлоо процессинин катышуучуларына кайрылуусу	Шайлоо дайындалгандан кийин	Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы (мындан ары – БШК) Маалымат бөлүмү
	Шайлоону маалыматтык жактан камсыздоо		
1.	БШКнын шайлоо алдындагы үгүткө катышуу үчүн аккредитациялоо жөнүндө жалпыга маалымдоо каражаттарына кайрылуусу	Шайлоону дайындоо жөнүндө чечим расмий жарыяланган кийин	БШК (маалымат бөлүмү)
2.	БШКга ЖМК, интернет-басылмалар тарабынан обо убактысын, басма аянтын бергендиги же интернет-басылмада жарыялоо укугу үчүн акы төлөө өлчөмү жана башка шарттары жөнүндө маалыматтарды берүү	Шайлоону дайындоо жөнүндө чечим расмий жарыяланган күндөн тартып 10 календардык күндөн кечиктирбестен (2022-жылдын 18-февралына чейин)	БШКнын жумушчу тобу, маалымат бөлүмү, ЖМК, интернет-басылмалар (Мыйзам, 22-бер., 20-бөл.)
3.	Жалпыга маалымдоо каражаттарына обо убактысына жана басма сөз аянтына акы төлөөнүн өлчөмү жана башка шарттары жөнүндө маалыматтарды жарыялоо	Шайлоону дайындоо жөнүндө чечим жарыяланган кийин 10 календардык күндөн кечиктирбестен (2022-жылдын 19-февралына чейин)	Жалпыга маалымдоо каражаттары (Мыйзам, 22-бер., 20-бөл.)
4.	Шайлоочуларга шайлоону даярдоонун жана өткөрүүнүн жүрүшү тууралуу кабарлоо	Шайлоону дайындоо жөнүндө КР Президентинин Жарлыгы жарыялангандан кийин	Мамлекеттик бийлик органдары, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, шайлоо комиссиялары, жалпыга маалымдоо каражаттары, юридикалык жана жеке жактар (БШК) (Мыйзам, 22-бер., 2-бөл.)
5.	Шайлоочулардын тизмелери менен таанышуу, алардан өз маалыматтарын тактоо зарылдыгы тууралуу ЖМК аркылуу, жеткиликтүү башка жолдор менен шайлоочуларга кабарлоо	Добуш берүү күнүнө чейин 55 календардык күнгө чейин (2022-жылдын 14-февралына чейин)	Тиешелүү шайлоо комиссиялары (Мыйзам, 22-бер., 2-1-бөл.)
6.	Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү шайлоочулар үчүн атайын маалыматтык материалдарды даярдоо (сурдокотормону же субтитрлөөнү пайдалануу менен аудио-видео материалдар, Брайль тамгасы, башка атайын каражаттар)	Шайлоо дайындалган күндөн тартып	Тиешелүү шайлоо комиссиялары (Мыйзам, 22-бер., 2-1-бөл.)
7.	Көрсөтүлгөн, катталган талапкерлер жөнүндө талапкердин жана саясий партиянын шайлоо фондусунун каражаттарынын келип түшүшү жана чыгымдалышы, талапкерлердин жана саясий партиялардын, каржылык отчеттору жөнүндө шайлоочуларга кабарлоо	Шайлоо дайындалган күндөн тартып	Тиешелүү шайлоо комиссиялары (Мыйзам, 22-бер., 2-1-бөл.)
8.	Талапкердин, саясий партиянын программаларын тиешелүү шайлоо комиссиясына берүү. Талапкердин, саясий партиянын программасын Борбордук шайлоо комиссиясынын расмий сайтына жарыялоо	Талапкерлердин тизмеси каттоодон өткөн күндөн тартып 5 календарлык күндөн кечиктирбестен	Тиешелүү шайлоо комиссиялары (Мыйзам 22-бер., 2-2-бөл.)
	Шайлоочулардын тизмелери менен иштөө		
9.	Добуш берүү күнү жигердүү шайлоо укугуна ээ, жергиликтүү жамаатттын мүчөсү болуп саналган, биометрикалык каттоодон өткөн шайлоочулардын алдын ала тизмесин шайлоо мыйзамдарына ылайык ар бир шайлоо участогу боюнча түзүү жана Калктын бирдиктүү мамлекеттик реестринен чыгарып алуу.	Добуш берүү күнүнө чейин 60 календардык күн мурда (2022-жылдын 9-февралына чейин)	КР Санариптик өнүктүрүү министрлиги (мындан ары – СӨМ) (Мыйзам, 12-бер., 1,2-бөл.)
10.	Шайлоочулардын алдын ала тизмеси менен таанышуу жана маалыматтарын тактоо үчүн мамлекеттик порталга жайгаштыруу	Добуш берүү күнүнө чейин 60 календардык күн мурда (2022-жылдын 9-февралына чейин)	БШК (ПТК жана МК бөлүмү) (Мыйзам, 12-бер., 2-бөл.)
11.	Шайлоочулардын тизмесин басып чыгаруу жана тийиштүү участкалык шайлоо комиссияларына өткөрүп берүү	Добуш берүү күнүнө чейин 55 календардык күн мурда (2022-жылдын 14-февралына чейин)	БШК (маалыматтык шайлоо тутумун башкаруу бөлүмү, АШКдагы тутумдук администраторлор) (Мыйзам, 12-бер., 4-бөл).)
12.	Шайлоочуларды тааныштыруу үчүн шайлоочулардын алдын ала тизмесин илүү	Добуш берүү күнүнө чейин 50 календардык күн мурда (2022-жылдын 19-февралына чейин)	Участкалык шайлоо комиссиялары (Мыйзам, 13-бер., 1-бөл.)
13.	Шайлоочулардын тизмесине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө арыздарды кабыл алуу жана иштеп чыгуу (каталарды жана так эместиктерди оңдоо)	Добуш берүү күнүнө чейин 15 календардык күндөн кечиктирбестен (2022-жылдын 25-мартына чейин (кошуп алганда))	БШК, маалыматтык шайлоо тутумун башкаруу бөлүмү, тутумдук администраторлор, аймактык шайлоо комиссиялары, Участкалык шайлоо комиссиялары (Мыйзам, 12-бер., 3-бөл.)
14.	Шайлоочулардын контролдук тизмесин түзүү жана Участкалык шайлоо комиссияларына өткөрүп берүү	Добуш берүү күнүнө чейин 35 календардык күндөн кечиктирбестен (2022-жылдын 6-мартына чейин)	БШК (маалыматтык шайлоо тутумун башкаруу бөлүмү, АШК тутумдук администраторлору) (Мыйзам, 13-бер., 3-бөл.)
15.	Шайлоочуларды тааныштыруу үчүн шайлоочулардын контролдук тизмесин илүү	Добуш берүү күнүнө чейин 30 календардык күн мурда (2022-жылдын 11-мартына чейин)	Участкалык шайлоо комиссиялары (Мыйзам, 13-бер., 3-бөл.)
16.	Шайлоочулардын шайлоо участокторунун чек араларына ылайык бөлүштүрүлгөн биротоло тизмесин түзүү	Добуш берүү күнүнө чейин 10 календардык күндөн кечиктирбестен (2022-жылдын 31-мартына чейин)	БШК (маалыматтык шайлоо тутумун башкаруу бөлүмү, АШК тутумдук администраторлору) (Мыйзам, 13-бер., 4-бөл.)
17.	Жабдыктардын комплектилерин даярдоо үчүн шайлоочулардын биротоло тизмесин электрондук түрдө ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга (СӨМ) өткөрүп берүү	Добуш берүү күнүнө чейин 10 календардык күндөн кечиктирилбестен (2022-жылдын 31-мартына чейин)	БШК (МКТ башкармалыгы) (Мыйзам, 13-бер., 4-бөл.)
18.	Шайлоочулардын тизмесин кагазга басып чыгаруу жана аны номурлап, көктеп, Борбордук шайлоо комиссиясынын мөөрү менен күбөлөндүрүп, эки нускада Участкалык шайлоо комиссияларына өткөрүп берүү	Добуш берүү күнүнө чейин 5 календардык күн мурда (2022-жылдын 5-апрелине чейин)	БШК (маалыматтык шайлоо тутумун башкаруу бөлүмү), аймактык шайлоо комиссиялары (Мыйзам, 13-бер., 4-бөл.)

(Уландысы 10-бетте)

2022-жылдын 10-апрелине дайындалган Кыргыз Республикасынын Жалал-Абад, Ысык-Көл, Нарын, Ош жана Чүй облустарынын айрым жергиликтүү кеңештеринин депутаттарын шайлоону даярдоо жана өткөрүү боюнча негизги уюштуруу-практикалык иш-чаралардын

КАЛЕНДАРДЫК ПЛАНЫ

(Башталышы 9-бетте)

19.	Шайлоочуларды тааныштыруу үчүн шайлоочулардын кагаз түрүндөгү биротоло тизмесинин экинчи нускасын илүү	Добуш берүү күнүнө чейин 3 календардык күндөн кечиктирилбестен (2022-жылдын 7-апрелине чейин)	Участкалык шайлоо комиссиялары (Мыйзам, 13-бер., 4-бөл.)
20.	Шайлоочулардын тизмесин жүктөп, биометрикалык маалыматтар менен даярдап, шайлоо участокторуна жеткизүү үчүн шайлоочуларды идентештирүү боюнча сервердик комплектилерди Борбордук шайлоо комиссиясына өткөрүп берүү	Добуш берүү күнүнө чейин 3 календардык күндөн кечиктирилбестен (2022-жылдын 7-апрелине чейин)	Ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган (СӨМ) (Мыйзам, 13-бер., 4-бөл.)
21.	Участкалык шайлоо комиссияларына жабдыктарды жеткизүү	Добуш берүү күнүнө чейин 3 календардык күндөн кечиктирилбестен (2022-жылдын 7-апрелине чейин)	БШК (Мыйзам, 13-бер., 4-бөл.)
	Шайлоо округдарын түзүү		
22.	Бирдиктүү жана көп мандаттуу шайлоо округдарын түзүү	Добуш берүү күнүнө чейин 50 календардык күндөн кечиктирбестен (2022-жылдын 19-февралына чейин)	Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өкүлдөрүнүн катышуусу менен аймактык шайлоо комиссиялары («Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» КР Мыйзамы (мындан ары – Мыйзам), 10-бер., 4-бөл.)
23.	Айылдык кеңештерге депутаттардын мандаттарынын 30 пайыздан аз эмесин аялдар үчүн резервге калтырууну эске алуу менен жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо боюнча шайлоо округдарынын схемаларын жана чек араларын бекитүү	Добуш берүү күнүнө чейин 50 календардык күндөн кечиктирбестен (2022-жылдын 19-февралына чейин)	Аймактык шайлоо комиссияларынын сунушу боюнча БШК (шайлоону уюштуруу бөлүмү) (Мыйзам, 10-бер., 5-бөл.)
24.	Шайлоо округдарынын схемаларын жана чек араларын ММКга жарыялоо	Алар бекитилген күндөн тартып 5 календардык күндөн кечиктирбестен (2022-жылдын 23-февралына чейин)	БШК (маалыматтык бөлүм) (Мыйзам, 10-бер., 6-бөл.)
	Талапкерлерди көрсөтүү жана каттоо		
	шаардык кеңештерге		
25.	КР жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоону өткөрүүдө АШКда документтерди кабыл алуу жана берилген маалыматтарда камтылган маалыматтардын аныктыгын текшерүү боюнча жумушчу топторду түзүү	Шайлоо дайындалган күндөн тартып	Тиешелүү аймактык шайлоо комиссиялары
26.	Талапкердин, саясий партиялардын шайлоого катышуусуна байланыштуу, анын ичинде каржы маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлдөрүн каттоо	Документтер берилгенден кийин	Тиешелүү аймактык шайлоо комиссиялары
27.	Ыйгарым укуктуу өкүлдөргө каттоо күбөлүгүн берүү, же жүйөлүү себептер менен каттоодон баш тартуу	Зарыл документтер түшкөндөн кийин 3 күндүн ичинде	Тиешелүү аймактык шайлоо комиссиялары (Мыйзам, 21-бер., 3-бөл.)
28.	Шаардык кеңештердин депутаттыгына талапкерлерди көрсөтүү	Шайлоо дайындалган күндөн тартып добуш берүү күнүнө чейин 40 календардык күн калганда аяктайт (2022-жылдын 28-февралында саат 24.00 чейин)	Саясий партиялар (Мыйзам, 49-бер., 1, 2-бөл.)
29.	Шаардык кеңештердин депутаттыгына талапкерлерди каттоо үчүн зарыл болгон шайлоо документтерин тиешелүү аймактык шайлоо комиссиясына берүү	Добуш берүү күнүнө чейин 40 календардык күндөн кечиктирбестен (2022-жылдын 28-февралында саат 24.00 чейин)	Талапкерлердин ыйгарым укуктуу өкүлдөрү (Мыйзам, 53-бер., 1-бөл.)
30.	Талапкерлерди көрсөтүү тартибинин “Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө” КР Мыйзамынын талаптарына ылайыктыгын текшерүү	Документтер кабыл алынган күндөн тартып 10 календардык күндүн ичинде	Аймактык шайлоо комиссиясындагы тиешелүү жумушчу топтор (Мыйзам, 53-бер., 4-бөл.)
31.	Шаардык кеңештердин депутаттыгына талапкерлердин тизмесин каттоо	Добуш берүү күнүнө чейин 30 календардык күн мурда (2022-жылдын 11-мартына чейин)	Тиешелүү аймактык шайлоо комиссиялары (Мыйзам, 53-бер., 6-бөл.)
32.	Шаардык кеңештердин депутаттыгына талапкерлерге каттоо датасын көрсөтүү менен күбөлүктөрдү берүү	Талапкерлерди каттоодон кийин 2 календардык күндүн ичинде	Тиешелүү аймактык шайлоо комиссиялары (Мыйзам, 53-бер., 12-бөл.)
33.	Талапкерлердин фамилиясын, аты-жөнүн, туулган жылын, эзелеген кызматын (ишинин түрүн), жашаган жерин көрсөтүү менен депутаттыкка талапкерлердин тизмесин каттоо жөнүндө маалыматтарды басма сөзгө жарыялоо	Каттоо мөөнөтү аяктаган күндөн тартып 5 календардык күндүн ичинде	Тиешелүү аймактык шайлоо комиссиялары (Мыйзам, 53-бер., 11-бөл.)
34.	Шайлоого андан ары катышуудан баш тартуу же шайлоого катышуудан баш тартуу же болбосо талапкерлерди саясий партиясынын талапкерлеринин тизмесин чакыртып алуу жана талапкерлердин тизмесинен чыгаруу жөнүндө талапкердин арыз берүүсү	Добуш берүү күнүнө чейин 3 календардык күндөн кечиктирилбестен (2022-жылдын 6-апрелинде саат 24.00 чейин)	Тиешелүү аймактык шайлоо комиссияларына (Мыйзам, 54-бер., 1, 2-бөл.)
	айылдык кеңештерге		
35.	Айылдык кеңештердин депутаттыгына талапкерлерди көрсөтүү	Шайлоо дайындалган күндөн тартып добуш берүү күнүнө чейин 30 календардык күн калганда аяктайт (2022-жылдын 10-мартында саат 24.00 чейин)	Саясий партиялар, өзүн-өзү көрсөтүү жолу менен жарандар (Мыйзам, 49-бер., 1-бөл. экинчи абзацы, 2-бөл. 2-п.,8,9,10-бөл.)
36.	Айылдык кеңештердин депутаттыгына талапкерлерди каттоо үчүн зарыл болгон документтерди тиешелүү аймактык шайлоо комиссиясына берүү	Добуш берүү күнүнө чейин 30 календардык күндөн кечиктирбестен (2022-жылдын 10-мартында саат 24.00 чейин)	Талапкер, талапкерлердин ыйгарым укуктуу өкүлдөрү (Мыйзам, 60-бер., 1,3-бөл.)
37.	Талапкерлерди көрсөтүү тартибинин “Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө” КР Мыйзамынын талаптарына ылайыктыгын текшерүү	Документтер кабыл алынган күндөн тартып 10 календардык күндүн ичинде	Аймактык шайлоо комиссиясындагы тиешелүү жумушчу топтор (Мыйзам, 60-бер., 3-бөл.)
38.	Айылдык кеңештердин депутаттыгына талапкерлерди каттоо	Добуш берүү күнүнө чейин 20 календардык күнгө чейин (2022-жылдын 21-мартына чейин)	Тиешелүү аймактык шайлоо комиссиялары (Мыйзам, 60-бер., 7-бөл.)
39.	Айылдык кеңештердин депутаттыгына катталган талапкерлерге тиешелүү күбөлүктөрдү берүү	Талапкерлерди каттоодон кийин 2 календардык күндүн ичинде	Тиешелүү аймактык шайлоо комиссиялары (Мыйзам, 60-бер., 9-бөл.)
40.	Айылдык кеңештердин депутаттыгына талапкерлердин фамилиясын, аты-жөнүн, туулган жылын, эзелеген кызматын (ишинин түрүн), жашаган жерин көрсөтүү менен жергиликтүү кеңештердин депутаттыгына катталган талапкерлер жөнүндө маалыматтарды басма сөзгө жарыялоо	Каттоо мөөнөтү аяктаган күндөн тартып 5 календардык күндүн ичинде	Тиешелүү аймактык шайлоо комиссиялары (Мыйзам 60-бер., 8-бөл.)
41.	Талапкерден шайлоого андан ары катышуудан баш тартуу жөнүндө арыз кабыл алуу. Талапкерлерди каттоону жокко чыгаруу	Добуш берүү күнүнө чейин 3 календардык күндөн кечиктирбестен (2022-жылдын 6-апрелинде саат 24.00 чейин)	Тиешелүү аймактык шайлоо комиссиялары (Мыйзам, 54-бер., 1-бөл.)
42.	Саясий партиялардын, талапкерлердин шайлоо комиссияларындагы өкүлдөрүн, ишенимдүү адамдарын каттоо жана аларга күбөлүк берүү же жүйөлөштүрүлгөн түрдө аларды каттоодон баш тартуу	Документтер келип түшкөнүнө жараша	Тиешелүү аймактык шайлоо комиссиялары (Мыйзам,18-бер., 2-бөл., 19-бер.)
	Шайлоо алдындагы үгүт		
43.	Ар бир шайлоо участогунун аймагында басылма үгүт материалдарын илүү үчүн атайын орундарды бөлүп берүү жана тариздөө	Шайлоо дайындалган күндөн тартып 35 календардык күндүн ичинде	Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары (Мыйзам, 27-бер., 3-бөл.)
44.	Шайлоо алдында үгүт жүргүзүү	Шайлоо алдында үгүт жүргүзүү жергиликтүү кеңештердин депутаттыгына бардык талапкерлерди, талапкерлердин тизмелерин каттоо мөөнөтү аяктаган күндөн тартып башталат (шаардык кеңештердин 2022-жылдын 11-мартында, айылдык кеңештердин 2022-жылдын 21-мартында) жана добуш берүү башталганга чейин 24 саат калганда токтотулат (2022-жылдын 9-апрелинде, саат 8.00дө)	Кыргыз Республикасынын жарандары, талапкерлер, саясий партиялар, жалпыга маалымдоо каражаттары (Мыйзам, 23-бер., 1-бөл.)

(Уландысы 11-бетте)

2022-жылдын 10-апрелине дайындалган Кыргыз Республикасынын Жалал-Абад, Ысык-Көл, Нарын, Ош жана Чүй облустарынын айрым жергиликтүү кеңештеринин депутаттарын шайлоону даярдоо жана өткөрүү боюнча негизги уюштуруу-практикалык иш-чаралардын

КАЛЕНДАРДЫК ПЛАНЫ

(Башталышы 10-бетте)

	Шайлоо бюллетендерин даярдоо жана шайлоо комиссияларына өткөрүп берүү		
45.	Шайлоо бюллетендеринин текстин бекитүү	Добуш берүү күнүнө чейин 20 календардык күндөн кечиктирбестен (2022-жылдын 21-мартына чейин)	Тиешелүү аймактык шайлоо комиссиялары (Мыйзам, 30-бер., 3-бөл.)
46.	Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо боюнча шайлоо бюллетендерин даярдоо	Добуш берүү күнүнө чейин 10 календардык күндөн кечиктирбестен (2022-жылдын 31-мартына чейин)	БШК (БШКнын аппаратынын тиешелүү бөлүмдөрү) (Мыйзам, 30-бер., 8-бөл.)
47.	Шайлоо бюллетендерин тиешелүү аймактык шайлоо комиссияларына жеткирип, акт боюнча өткөрүп берүү	Добуш берүү күнүнө чейин 10 календардык күн мурда (2022-жылдын 31-мартына чейин)	БШК (БШКнын аппаратынын тиешелүү бөлүмдөрү) (Мыйзам, 30-бер., 13-бөл.)
48.	Шайлоо бюллетендерин тиешелүү Участкалык шайлоо комиссияларына жеткирип, акт боюнча өткөрүп берүү	Добуш берүү күнүнө чейин 2 календардык күн мурда (2022-жылдын 8-апрелине чейин)	Тиешелүү аймактык шайлоо комиссиялары (Мыйзам, 30-бер., 13-бөл.)
	Добуш берүүнү өткөрүү тартиби		
49.	Жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу же башка ыкма менен добуш берүү убактысы жана орду жөнүндө кабарлоо	Добуш берүү күнүнө чейин 10 календардык күндөн кечиктирбестен (2022-жылдын 31-мартына чейин)	Участкалык шайлоо комиссиялары (Мыйзам, 31-бер., 1-бөл.)
50.	Добуш берүүчү жайдан тышкары добуш берүүгө мүмкүнчүлүк берүү жөнүндө шайлоочунун жазуу жүзүндөгү арызын кабыл алуу	Добуш берүү күнүнө чейин 3 календардык күндөн кечиктирбестен (2022-жылдын 7-апрелине чейин)	Участкалык шайлоо комиссиялары (Мыйзам, 33-бер., 2-бөл.)
51.	Добуш берүүчү жайдан тышкары добуш берүүгө мүмкүнчүлүк берүү жөнүндө жазуу жүзүндө арыз берген шайлоочулардын реестрин илүү	Добуш берүү күнүнө чейин 2 календардык күн мурда (2022-жылдын 7-апрели)	Участкалык шайлоо комиссиялары (Мыйзам, 33-бер., 4-бөл.)
52.	Добуш берүүчү жайдан тышкары добуш берүүнү уюштура турган комиссия мүчөлөрүн аныктоо үчүн чүчү кулак жүргүзүү	Добуш берүү күнүнө чейин 2 календардык күн мурда (2022-жылдын 7-апрели)	Участкалык шайлоо комиссиялары (Мыйзам, 33-бер., 4-бөл.)
53.	Добуш берүүчү жайдан тышкары добуш берүүнү өткөрүү	Добуш берүү күнүнө чейин бир календардык күн мурда (2022-жылдын 9-апрели)	Участкалык шайлоо комиссиялары (Мыйзам, 33-бер., 5,6,7,8,9-бөл.)
54.	**Добуш берүүнү өткөрүү**	**2022-жылдын 10-апрели, саат 8.00дөн 20.00гө чейин**	**Участкалык шайлоо комиссиялары (Мыйзам, 31-бер.)**
	Добуш берүүнүн жыйынтыктарын белгилөө жана шайлоонун натыйжаларын аныктоо		
55.	Бюллетендерди добуш берүү үчүн көчмө үкөктөн алып чыгарылган шайлоо бюллетендери добуш берүү үчүн үкөккө (АЭУ) салынат	Добуш берүү аяктагандан кийин	Байкоочулардын катышуусунда Участкалык шайлоо комиссиялары (Мыйзам, 36-бер., 6-бөл.)
56.	АЭУ боюнча добуш берүүнүн алдын ала жыйынтыктары жөнүндө отчетту кагазга басып чыгаруу жана маалыматтарды байланыштын корголгон каналдары аркылуу борбордук серверге өткөрүп берүү	Добуш берүү аяктагандан кийин	Байкоочулардын катышуусунда Участкалык шайлоо комиссиялары (Мыйзам, 36-бер., 7-бөл.)
57.	Добуш берүүнүн алдын ала жыйынтыктарын БШКнын расмий сайтына жайгаштыруу	УШКлардан маалыматтар алынгандан кийин	БШК (Мыйзам, 40-бер., 2-бөл.)
58.	Добуш берүүнүн жыйынтыктарын добуштарды кол менен саноонун натыйжалары боюнча аныктоо	Добуш берүү аяктагандан кийин	Байкоочулардын катышуусунда Участкалык шайлоо комиссиялары (Мыйзам, 36-бер., 12, 13-бөл.)
59.	Участкалык шайлоо комиссиясынын жыйынтыктоочу жыйналышын өткөрүү, келип түшкөн даттанууларды (арыздарды) карап чыгуу	Добуштар саналгандан кийин	Байкоочулардын, талапкерлердин жана ЖМКнын өкүлдөрүнүн катышуусунда Участкалык шайлоо комиссиялары (Мыйзам, 36-бер., 14-бөл.)
60.	Шайлоо комиссиялары тарабынан добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколду эки нускада түзүү жана ага Участкалык шайлоо комиссиянын катышкан бардык мүчөлөрүнүн кол коюусу	Жыйынтыктоочу жыйын өткөрүлгөндөн кийин	Участкалык шайлоо комиссиялары (Мыйзам 36-бер., 15,16-бөл.)
КР Жогорку Кеңешине бир мандаттуу №29 Свердлов шайлоо округунан боюнча депутаттыгына талапкер Болотбеков Бакытбек Болотбековичтин шайлоо алдындагы программасы

Сиз Кыргызстандын ар бир жашоочусу өз турак жайына мыйзамдык деңгээлде ээ боло ала тургандыгын билесизби? Ал үчүн эмне кылуу керек?

Бардык күч-аракетти абдан маанилүү программалардын бири болгон – өлкөдө калктын ыңгайлуу жашоосу жана жеткиликтүү турак жайга ээ болуусуна шарт түзүүгө жумшоо. Аны ишке ашыруу бир нече багытта жүргүзүлөт, тагыраак айтканда:

- Мамлекеттик турак жай жана турак жай-курулуш кооперативдерин түзүү жана өлкөбүздүн ар бир жаранын турак жай менен камсыздоо!
- Турак жай-курулуш кооперативдеринин базасында көп батирлүү социалдык үйлөрдү куруу жана бюджеттик, муниципалдык жана жеке ишканалардын кызматкерлерине, ошондой эле иш түрүнө көз карандысыз баардык Кыргызстандын жарандарына 10 жылдан 15 жылга чейин бөлүп төлөөгө үйлөрдү берүү!
- Ар бир баланын төрөлүшү менен атайын банктан эсеп ачылып, ага ай сайын турак жай алуу үчүн белгилүү бир сумма топтолуучу Улуттук турак жай фонду түзүлүшү керек. Балага 23 жаш толгондо мамлекет ага турак жай фондунан батир бөлүп берүүсү зарыл.
- Алыскы аймактарда иштей турган ар бир жаш адисти турак жай менен камсыз кылуу.

- Турак жайды жарандардын ар бирине жеткиликтүү кылып, курулуш тармагында революциялык реформаны жүргүзүү!

Эгер биз көп батирлүү социалдык турак жайларды бүтүндөй Кыргызстан боюнча массалык түрдө кура баштасак, анда төмөнкү маанилүү маселелер чечилет:

- Өнөр жай тармагы өтө тездик менен өнүгө баштайт, аны менен бирге он миңдеген жаңы иш орундары камсыз болот.
- Газ менен жылытылган көп кабаттуу социалдык үйлөрдүн курулушу менен таш көмүрүн пайдалануу азая түшсө, экологиянын көйгөйү чечилет.
- Көп кабаттуу үйлөрдө электр энергиясын азыраак пайдалангандыгынан, бул – өлкөдөгү анын жетишсиздик көйгөйүн чечүүгө жардам берет. Мындан сырткары, Кыргызстандагы электр энергиясынын негизсиз жоготуулар жана паракорлук менен күрөөшүү зарыл.
- Муну менен катар шаардын инфраструктурасы өнүгө берет: жаңы көчөлөр жана сейил бактар, бала бакчалар жана мектептер, балдар аянтчалары жана стадиондор курула берет.

Өлкөбүздүн келечеги биздин колубузда! Намыска бек №13 талапкер – Болотбеков Бакытбек Болотбековичке добуш бериңиздер!

КРнын Жогорку Кеңешине бир мандаттуу №29 Свердлов шайлоо округунан депутаттыкка талапкер Болотбеков Бакытбек Болотбековичтин шайлоо фонду эсебинен каржыланды. Финансы боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү Арабаева М.Б. (каттоо күбөлүгү №62).

КР Жогорку Кеңешине бир мандаттуу №27 Биринчи май шайлоо округунан депутаттыгына талапкер Савин Виктор Евгеньевичтин шайлоо программасы

Савин Виктор Евгеньевич
Туулган датасы: 21.02.1975
Иштеген жери жана ээлеген кызматы:
К.Карасаев атындагы БГУнун профессору
Лозунг: Инновациялык келечекти түзөбүз

КР Жогорку Кеңешинин депутатынын кызмат ордуна талапкердин программасы:

1. Кыргыз Республикасынын билим берүү системасын ар кыл багытын сапаттуу жакшыртуу менен каржылоону жогорулатуу;
2. Мугалимдин, өмүр сакчыларынын, ИИМ кызматкерлеринин адистик беделдүүлүгүн жогорулатуу. Алардын кирешелеринин 3-5 эсеге жогорулатуучу механизмдерди иштеп чыгуу;
3. Пенсионерлердин пенсияларынын ченемдерин орточо айлык маянанын заманбап деңгээлине чейин жогорулатуу;
4. Тышкы эмгек миграциясын кыскартуу алкагында жаштардын жумуш менен камсыз болуусуна шарттарды түзүү менен акчалай кирешелерин жогорулатууну камсыздоо. «Социалдык лифт» механизмин калыптандыруунун алкагында жаштардын өнүгүүсүнө шарттарды түзүү;
5. Кыргызстандын энергетикалык коопсуздугун өнүктүрүү, ири электростанциялардын курулушун жандандырууга бардык мүмкүнчүлүктөрдү жумшоо, өлкөнүн газ жана мунай кендерин чалгындоого жана өндүрүүгө инвестицияларды тартуу;
6. Ар бир кыргыз атуулун ыңгайлуу турак жай менен камсыздоо;
7. Көп деңгээлдүү жол өтмөктөрүн куруу, жүргүнчүлөрдү ыңгайлуу чоң сыйымдуулуктагы электр автобустары менен ташууну камсыздоо;
8. Өлкөнүн экологиялык коопсуздугун камсыз кылуу.

КРнын Жогорку Кеңешине бир мандаттуу №27 Биринчи май шайлоо округунан депутаттыкка талапкер Савин Виктор Евгеньевичтин шайлоо фонду эсебинен каржыланды. Финансы боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү Жакшылык кызы Райма (каттоо күбөлүгү №87).

КР Жогорку Кеңешине бир мандаттуу №29 Свердлов шайлоо округунан боюнча депутаттыгына талапкер Жоомартова Рыскан Абдиевнанын программасы

Шайлоо программасынын аталышы: «БААРЫНА КАМ КӨРҮҮ»

Программанын негизги максаты – өлкөдө социалдык теңчиликтин жана элдик демократиянын критерийлерине жооп берген мыйзамдык базаны калыптандыруу.

Үй-бүлөгө, балдарга кам көрүү ар бир бийликтин максаты.

- "Энелик капиталды" түзүүгө жана алардын төлөмдөрүн жыл сайын көбөйтүү абзел;
- көп балалуу үй-бүлөлөр үчүн жеңилдетилген шарттарда турак жай алуу программасын киргизүү;
- кызмат көрсөтүүнүн же эмгетенүүнүн түрүнө карабастан ар бир жаран үчүн “Максаттуу төлөмдөр, жеткиликтүү турак жай” программасын киргизүү;
- “Дени сак балдар – дени сак улут” системасын киргизүү. Анын максаты саламаттык сактоо системасын өркүндөтүү жана жетиштүү ченемдик укуктук базаны иштеп чыгуу жана кабыл алуу аркылуу жаңы медициналык технологияларды киргизүү;
- Мыйзам чыгаруу органынын алдында энелерди жана балдарды колдоо жана үй-бүлөлүк зомбулукка каршы комитетти түзүү.

Негизги максатка жетүү үчүн социалдык, экономикалык жана саясий маселелерди чечүүнүн төмөнкү артыкчылыктуу багыттары сунушталат.

Бул маселени чечүү төмөнкүлөрдү камтыйт:

Биринчиден, жалпы калктын жыргалчылыгын камсыз кылуу. Ар бир үй-бүлө жашоонун негизги муктаждыктарын канааттандырууга жетиштүү кирешеге ээ болушу керек, анын ичинде жайлуу турак жай, электр энергия, жаратылыш газы жана ичүүчү суу менен үзгүлтүксүз камсыз кылуу, сапаттуу тамак-аш, заманбап билим берүү жана квалификациялуу медициналык тейлөө.

Экинчиден, мындай мамлекетти түзүү бардык тармактарда социалдык адилеттүүлүктү жана социалдык теңчиликти орнотуу дегендик. Бул өз кезегинде укуктардагы теңдикти гана эмес, социалдык, мүлктүк абалына жана киреше деңгээлине карабастан бул укуктарды ишке ашыруу үчүн ар бир адамга бирдей мүмкүнчүлүктөрдү түзүүнү талап кылат.

Үчүнчүдөн, бул чын демократиялык коом түзүү, калктын социалдык жыргалчылыгына жана анын маанилүү турмуштук муктаждыктарын ишке ашырууга таасир этүүчү мыйзам актыларынын долбоорлорун даярдоо, коомдук экспертизадан өткөрүүгө жана коомдук талкуулоого жарандардын демократиялык институттар аркылуу катышуусун камсыз кылуу.

КРнын Жогорку Кеңешине бир мандаттуу №29 Свердлов шайлоо округунан депутаттыкка талапкер Жоомартова Рыскан Абдиевнанын шайлоо фонду эсебинен каржыланды. Финансы боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү Махмудова А.М. (каттоо күбөлүгү №91).

Мээнети катуунун татканы таттуу

“ГҮЛКАЙЫР” БАЯГЫДАЙ ЭЛЕ ГҮЛДӨП ТУРАТ

Ата-эне баласын оорчулуктан коргоп, “канаттууга кактырбай, тумшуктууга чокутпай” бардык кыйынчылыктын алдын алгысы келет. Зейнеп эженин атасы кызынын соода техникумуна окууга өткөнүн угуп катуу кейийт. Өзү партияга мүчө, сооданы аябай жаман көрчү экен, балдарына “соодага жолобогула” деп айтчу тура. Бирок ошого карабастан Зейнеп эжени турмуш өзү ары калчап, бери калчап соодага алып келип салат. Атага жакпаган ишти кесип кылып, Зейнеп эже “Кыргыз Республикасынын тейлөө кызматынын эмгек сиңирген кызматкери” ардактуу наамына татыды. Талас шаарындагы “Гүлкайыр” ЖЧКнын директору Казбакова Зейнеп эже бүгүнкү күнү да кесибин таштабай соода тармагында эмгектенип келет.

ДИКТОР БОЛОМ ДЕП...

Зейнеп эже 1949-жылы Жети-Өгүз районунун Барскоон айылында төрөлгөн. Мектепти жалаң “5” деген баалар менен бүтүп, юрист болууну самайт. Бирок ал кезде бул адистикке 2 жыл эмгек стажы талап кылынгандыктан ага кире албай, бирөөлөрдүн сунушу менен документтерин университеттин филология факультетине тапшырат. Экзамендерден өтүп келип, бирок конкурс чоң болгондуктан “кулап” калат. Бир тууган таякеси “Чүй проспектинде дикторлорду даярдаган жаңы окуу жайы ачылыптыр, конкурс менен мектепти жакшы бүткөндөрдү алат” экен деп ээрчитип барат. Окуу жайы метеорологиялык адистерди жана радиооператорлорду даярдайт экен. Айылдан келген кыз радиооператор десе “ии диктор болот экем” деп окууга кирип алат. Бир жарым жыл окуп, орус тилинен кыйналса да тырышчаактыгы менен ал окуу жайын да мыкты баалар менен аяктайт. Окуу жайы борбордук окуу жайга (Россияга) жолдомо берет. Бирок ата-энеси каршы болуп, алыс жакка барып окууга уруксат бербейт.

Өзү менен бирге окуган курбусу радиооператор болуп бийик тоолуу Чаткал районуна кеткен эле. Курбусу “бул жакта эч ким жок, сабакка даярданып отура бересиң, кел” деп чакырганынан Чаткалга барып 1 жылдай иштейт. Ошол 1968-жылы Чаткалда кар 1 метр 40 сантиметрге чейин аябай калың түшөт. Ал жакка каттаган эки ашуу тең июнь айынын аяк ченине чейин ачылбайт. Жумушту тапшырып, Фрунзеге келгиче июль аяктап кетип жогорку окуу жайга документин тапшырууга жетишпей калат. Маанайы түшүп, бактын түбүндө туруп жерде жаткан гезиттин кыркындысын көрөт. Анда Советтик соода техникуму кабыл алууну жарыялаган кулактандыруу бар экен. Түз эле ошол жакка жөнөйт. 28-июлда документин тапшырып, 1-августа эч даярданбай туруп эле экзаменге кирет. Эки экзаменден тең жакшы баа алып, “өнөр жай товарларынын товароведи” адистигине кабыл алынат.

Айылга барып окууга өттүм десе атасы катуу кейийт. “Соодага жолобогула, бирөөнүн 1 тыйынын кемитип койсоңор тышка чыгып аябай тилдеп кетет. Соодада “растрата” болсоңор (эсеби чыкпай калса) кесилип кетесиңер” деп какшап айтып жүрсө деле болбой соода окуу жайына кирип алганыма жарыктык атам катуу кейиди, - деп эскерет Зейнеп эже.

“ГҮЛКАЙЫР” – ДҮКӨНЧҮЛӨР БРИГАДАСЫ

Техникумда окуп жүрүп таластык жигит менен таанышып, аны менен 1 жылдай сүйлөшүп жүрүп турмушка чыгат. Окуусун жакшы бүтүп, Талас шаардык соода мекемесине жолдомо менен келет. Дароо эле товаровед болуш кайдан. Бир жылдай майда дүкөндөрдө иштеп жүрүп декретке чыгып кетет.

Декреттен кийин универмагга ишке чакырылат. Ал кезде ири дүкөндөр бригадалык ыкма менен иштечү. Аябай коркуп, “растрата” жокпу деп такып сурап жатып араң барат. Таласта дүкөндө иштеген кызына Жети-Өгүздүн Барскоон айылындагы атасы баягыдай эле санааркап, гезит колуна тийсе эле кызын ойлоп “кокус “растрата” болуп калган жокпу” деген ой башынан кетпей, тезирээк көз жүгүртүп чыкканга шашылат. Ал кезде гезиттин маалыматтык таасири жана ага элдин ишеними ушунчалык жогору эле.

Жаратылышынан кандай иш болбосун көңүл коюп иштегенге көнгөн мээнеткечтиги, жоопкерчиликтүү мүнөзү өзүн да, ал үчүн алыста санааркап жүргөн атасын да уят кылган жок. “Мунун эмне кереги бар эле” дебей кандай иш болбосун арыдан-бери жасап жиберүүгө дилгирлиги менен жетекчилердин көзүнө илинди. 1981-жылы ал иштеген эски дүкөндүн кампасын кошуп кеңейтебиз, комсомолдук бригада түз деген тапшырма алат. Дүкөндүн “Гүлкайыр” аталышы парткомиссияда бекитилип, жалаң гүлкайырдай жадыраган дүкөнчү кыздардын бригадасы түзүлөт. Дүкөн чарба дүкөнү болмокчу. Бирок Зейнеп эже соода мекемесинин жетекчиси Аскар Багировго кожгалантерея дүкөнү кылууну сунуш кылат. Себеби, чарба дүкөнү ал тегеректе бар болчу. Экинчиден, кожгалантереяга бардык товарлар – майда-чүйдө товарлардан баштап текстиль, булгаары, темир, желим буюм-тайымдары баары кирет. Жетекчи сунушка макул болуп, бирок “2 айда план бербесең чарба дүкөнү кылабыз” деген шарт коёт.

ДЕМИЛГЕ ЖАНА ЖООПКЕРЧИЛИК

План ашыгы менен аткарылып, кожгалантерея дүкөнү болот. Бригадада техникумду жаңы бүтүп келген 8 кыз иштейт. Илбериңки жана ачык мүнөзү бар Зейнеп эже жетектеген бригаданын кыздары бат эле эл оозуна алына баштайт. Сатуучулар таңкыс товарларды “катып” койбой, кардарларга маданияттуу мамиле жасап, элдин ишенимине татыйт. Бригада башчысы Зейнеп эже демилгелүү жана жоопкерчиликтүү мамилеси менен башкалардан айырмаланып турчу. Ал кезде иш ырааты мыкты жолго коюлган. Дүкөндө эл суроо-талабын жазып калтырган дептер болор эле. Мына ушул дептерде жазылгандарды тизмектеп алып, борборго чапкылап өзү жөнөйт. Шаардык соода мекемеси товарды качан заказ кылып, качан алып келет, анан дүкөнгө жеткирет деп күтүп отурбайт. Тапшырык берип келгенден кийин 2-3 күндө 5-6 контейнерди салып алып автопоезд товарды дүкөнгө жеткирет. Келген товарды бригададагы кыздары менен тактап-чоттоп түшүрүп алып, тез сатыкка чыгарат. Албетте, мындай иш бирөөгө жакса, бирөөгө жакпайт. Анан калса өзүнүн оюндагысын түз айтып, далай “тилинин азабын” тарткан жайы да бар эле. “Казбакова товарды ташып келгенге ашыкча чыгым кылып жатат, Маймак станциясынан бул жакка ташып келгенге 13 сом 50 тыйын кетет, а Казбакова борбордон 20 сом 50 тыйындан алып келип жатат” деп жеткиришип, жетекчиликке чакырылат. Маймактан алып келгенге ошончо чыгым болот, а ал жакка жеткенге, жүктөп келип шаардык соода мекемесинин кампасына түшүрүп, анан кайра дүкөндөр боюнча таратуу жана 2 жүктөп-түшүрүүчү жумушчунун эмгегин кошкондо айырма деле болбой калат. Зейнеп эже шаардык соода мекемесинин жетекчисине ушуларды ынанымдуу айтып, жагдайды түшүндүрөт.

Анын жигердүү иш-аракетин жетекчилер колдоду. Бригадасындагы 20-22 жаштагы кыздардын комсомолдук лидери болуп, ынтымак жана биримдикте жаштык жигер менен иштешет. Мээнет кайтып, бригадасы менен комсомолдун борбордук комитетинин ардак тактасына сүрөттөрү илинип, ысымдары ардак китепке жазылат. Ошентип ак эмгек менен ал кездеги №11 универмагдын “Гүлкайыр” комсомолдук жаштар бригадасынын ажары ачылып, эл ичинде “сулуу магазин” атка конушат.

Бригада жетекчиси Зейнеп Казбакова “Советтик сооданын мыктысы” төш белгиси менен сыйланат. Бул чынында соода чөйрөсүндөгү мартабалуу сыйлык эле. Андан кийин “Эмгектеги каармандыгы үчүн” медалына татыктуу болот. Эки жолу шаардык кеңешке депутат болуп шайланып, коммунисттик партияга мүчөлүккө кабыл алынган.

Эки жыл мурда “Талас шаарынын ардактуу атуулу” наамын жана бир нече жолу “Жылдын мыкты адамы” диплому менен сыйланган. Былтыр жыл соңунда “Эркин-Тоо” мамлекеттик расмий гезитинин “Эгемендиктин каарманы” төш белгиси ыйгарылды.

КАГЫРАГАН ТЕКЧЕЛЕР, АҢГЫРАГАН ИМАРАТ

Зейнеп эже аңгемесин андан ары мындайча улады: Аңгыча Союз тарап, чакчелекей заман башталды. Эч жакта эч кандай товар жок калды. Баягы кампалар жабылды. Кампалар жабылганда шаардык соода кеңсеси жабылды. “Чынжыр кайсы жерде ичке болсо ошол жерден үзүлөт” болуп менчиктештирүү соодадан башталды. Бизди “магазинди алгыла, болбосо башка бирөө алат” деп кыйнай баштады. Мындай заман болорун кайдан билдик. Алгым келбей, ушул килейген дүкөндү алып анан эмне кылам деп аябай кыйналдым. Жаш директорубуз бар эле “эже алыңыз, сиз билбей жатасыз, эмне деген заман келе жатканын” деп мени үгүттөй баштады. “Сиз депутатсыз, чоң сыйлыктарыңыз бар, анын баары жакында эч нерсеге татыбай калат”, - деди. Эптеп карыз алып чогултуп дүкөндү алдым. Бригададагы 8 сатуучу кыз туш-тушка тарады. 2 кыз менен калдым. Колубузга кагыраган текчелер менен аңгыраган бош имарат тийди. Эл керектөөчү товарлардын таңкыстыгы башталды.

1 жумада 3 жолу чаар сумканы көтөрүп алып товарга барам. Ушинтип 3 жылдай жолдо жашагандай эле болдум. Баягы кампалар жок, “Дордойго” барабыз. Анан кытай товарлары келе баштады. Сумкаларын алсам, дүкөнгө жеткичекти эле сыдырмасы сынат. Брак товарларды алып алам. Кайра барсаң ордунан таппайсың. Анткени, алар ар жерде машинада эле сатчу да. “Дордойдогу” ишкерлер элге эмне керек болсо, эмне өтүмдүү болсо ошол товарларды алып келе башташты. Мурдатан соодада иштегендер бул ишке батыраак кирип кетишти. Ошол мурдагы тааныштык, ишеним менен товарларды сатып, анан акчасын берип, акырындан оңоло баштадык. Дүкөнгө кайра-кайра текшерүү келет, салык төлөмөй көбөйдү. Ага жараша товардын баасы көтөрүлөт. Ошол мезгилде магазинде товар кымбат деп, эл базарга чыга баштады. Башында 3-4 жыл абдан жүдөдүк, кийин Өкмөт мораторий жарыялап, текшерүү токтоду. Бул ишкерчиликтин өнүгүшүнө аябай эле жакшы колдоо болду. Бир аз бутубузга тура баштадык.

Кичине тыйын артса эле дүкөнгө жамайм. Канча иштесем ошончодон бери эле оңдоп келатам. Бир учурда 2 кредит алып иштеген учурлар болду. Дүкөндүн чатырын, ичин жаңырттым. Магазинди бир аз кеңейттик, акырындан кошумча кичинекей имараттарды курдук.

ЭМГЕК БААЛАНАТ

Азыркы учурда “Гүлкайыр” дүкөнүндө жалпы 10 адам иштейт. Дүкөнү бар десе эле толгон дүнүйөсү бар дегендик эмес. Дүкөндө киреше гана кирип турат десек жаңылган болобуз. Өтпөй калган товарлар, өз баасына же өз баасынан төмөн саткан учурлар көп болот. Азыркыдай ”жапайы” конкуренциянын шартында бизге абдан эле кыйын. Ошол эле менин товарымды базарда кичине арзан кылып сатышат. Мен андан арзан сата албайм. Себеби, мен сатуучуларга жана башка кызматкерлерге айлык акысынан тышкары социалдык чегерүүлөрдү, салык төлөшүм керек. Кандай болгон күндө да ак иштөө биздин максатыбыз. Мен кыздарга дайыма “товардын ичин көрсөтүп, материалдын курамын айтып, түшүндүрүп саткыла, эгер брак болсо айтып, арзандатып бергиле, эч убакта алдап сатпагыла” - деп айтам.

Элге кызмат көрсөтүп, мурдагы жакшы атыбызга шек келтирбей иштегенге аракет кылып келебиз. Дүкөнгө эл кирип, ыраазы болуп кетсе биз үчүн чоң кубаныч. “Гүлкайыр” мурдагыдай эле гүлдөп турат” дегенди угуп калганда жетине албай калабыз. Эмгегибиз менен элге көрүнүп, Кудайдын буйругу менен 2005-жылы эмгек сиңирген кызматкер наамын алдым.

Зейнеп эже өмүрлүк жубайы менен бир уул, бир кызды тарбиялап өстүрүп, азыр небereлерин эркелетип өмүр кечирген бактылуу үй-бүлө. Эже 70тен ашып калса да баягыдай эле товарларды өзү тандап алып келип шайдоот. Эженин өмүрлүк жубайы Кулназаров Сыргабек агабыз инженер-механик, ал дагы көп жыл транспорт тармагында эмгектенип, “Кыргыз Республикасынын транспортуна эмгек сиңирген кызматкер” наамын алган. Өлкөбүздө жубайлардын экөөсү тең эмгек сиңирген кызматкер наамын алган фактысы жок же чанда кезиккү көрүнүш. Бул албетте, алардын ак ниет эмгегинин үзүрү.

Бегим ТУРДАЛИЕВА

№27 БИРИНЧИ МАЙ ШАЙЛОО ОКРУГУ БОЮНЧА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ДЕПУТАТТЫГЫНА ТАЛАПКЕРЛЕР

№1

НУРМАТОВ Темирбек Асанович
Туулган жылы: **1978-жыл.**
Иштеген жери жана ээлеген кызматы:
КР ТИминин Дипломатиялык академиясы, юридика илимдеринин кандидаты, доцент
Урааны: **«Элге кызмат кылуу»**

КР ЖКнын депутатынын кызмат ордуна талапкердин программасы:

Бишкек шаарынын Биринчи май районун мыйзамдар жана өнүктүрүү программалары менен камсыздоо боюнча менин иш-аракеттерим:

Багыт	Мыйзам долбоорлор, программалар
Социалдык коргоо	Биринчи май районунун тургундарына социалдык жардам көрсөтүү (пенсионерлер, майыптар, көп балалуу үй-бүлөлөр, аялдар, студенттер)
Инфраструктура, архитектура жана курулуш	Шаардын заманбап инфраструктурасын түзүү (ооруканалар, бала бакчалар, мектептер, транспорт, таза суу, жолдор, жашылдандыруу, жаратылыш газы, канализация, турак жайлар)
Коопсуздук	Коопсуздукту камсыз кылуу, жарандардын укуктук аң-сезимин жана укуктук маданиятын жогорулатуу

№2

НУРДИНОВ Бейшеналы
Туулган жылы: **22.12.1960-ж.**
Иштеген жери жана ээлеген кызматы:
КР ЖК экс-депутаты
Урааны: **Эл үчүн иштегем – эл үчүн иштейм!**

Лозунг: КР Жогорку Кеңешинин депутатынын кызмат ордуна талапкердин программасы:

1. Экономикалык реформаларды жасоо үчүн жаңы мыйзамдарды чыгаруу жана иштеп жаткан мыйзамдарга өзгөртүү киргизип, азыркы жашоого ылайык келтирүү;
2. Жеке ишкерлерди колдоо: салыктарды карап чыгып, алардын түрүн азайтуу, пайда алуу үчүн жеке ишкерлерге мөөнөт берүү жана салыктан бошотуу;
3. Миграцияда жүргөн мигранттар үчүн өз өлкөсүндө иш жүргүзүүгө ыңгайлуу шарттарды түзүү үчүн мыйзам даярдоо;
4. Экологияны жакшыртуу:

4.1 Борборду ыштан, түтүндөн арылтуу;
4.2 Шаардын жашылдандыруу программасын жакшыртуу;
4.3 Элди электромобилдерге өткөрүүгө шарт түзүү;
4.4 Шаардагы коомдук транспортторду газ менен иштетүү талабы менен менчикке сатуу.

№3

ТОТОНОВ Нурбек Темирбекович
Туулган жылы: **18.08.1977-ж.**
Иштеген жери жана ээлеген кызматы:
Убактылуу иштебейт
Урааны: **«Ырыс алды ынтымак»**

Тотонов Нурбек Темирбековичтин шайлоо алдындагы программасы

1. **Калкты социалдык жактан тейлөө:**
- жарандардын мамлекет тарабынан ишке ашырылып жаткан социалдык колдоо чаралары жана программалары жөнүндө маалымдуулугун жогорулатуу;
- социалдык кызматкерлердин орточо эмгек акысын жогорулатуу.

2. **Билим жана жумуш орундарын көбөйтүү:**
- керектүү сандагы балдардын билим берүү мекемелерин куруу;
- педагогикалык институттарда болочок мугалимдерди даярдоонун сапатын жогорулатуу;
- мамлекеттик колдоо чараларын жана бардык деңгээлдеги мугалимдер үчүн жеңилдиктер системасын көрсөтүү, мугалимдик кесиптин баалуулугун жогорулатуу.

3. **Спорт жана дене тарбия:**
- активдүү жана сергек жашоо образын калк арасында жайылтуу.

№4

СУРАБАЛДИЕВА Эльвира Жыргалбековна
Туулган жылы: **23.11.1978-ж.**
Иштеген жери жана ээлеген кызматы:
Чыгыш жана Борбордук Европа, Борбор Азия боюнча баңги саясаты боюнча комиссиясынын мүчөсү
Урааны: **Эл! Акыйкат! Тартип!**

ЖК депутаттыгына талапкер Эльвира Сурабалдиеванын шайлоо алдындагы программасы

1. Жакырчылык менен күрөшүү жана социалдык теңсиздикти кыскартуу үчүн мыйзам деңгээлинде шарттарды түзүү.
2. Иштеген калктын, бюджеттик чөйрөдө иштеген кызматкерлердин укуктарын коргоону камсыз кылуу.
3. Турмуштун бардык чөйрөсүндөгү мыйзамсыздык, коррупция жана социалдык адилеттүүлүктүн душмандары менен чындап күрөшүүгө жардам берүүчү нормативдик актыларды жана мыйзам демилгелерин киргизүү.
4. Улуттук ресурстарды жарандардын кызыкчылыгы үчүн пайдалануу.
5. Колдонулуучу илимдерди, экономиканы өнүктүрүү жана ишкерлер коомчулугун колдоо үчүн мыйзам демилгелерин иштеп чыгуу. Өнүктүрүү институттарын бюджеттен каржылоону жогорулатуу, салыктарды сапаттуу жөнгө салуу.

№5

ИСКЕНДЕРОВ Эльман Хыдырович
Туулган жылы: **27.06.1979-ж.**
Иштеген жери жана ээлеген кызматы:
Убактылуу иштебейт
Урааны: **Эң жогорку максат - Ата-Мекенге кызмат кылуу!**

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер Э.Х.Искендеровдун программасы:

1. Мамлекеттик стандарт системасына кайтуу (азык-түлүктү жасалмалоо үчүн кылмыш-жаза жоопкерчилигин киргизүү).
2. Азык-түлүк коопсуздугун камсыздоо (ири айыл чарба, мал чарба өндүрүшүнүн, айылдын социалдык инфраструктурасынын кайра жаралуусу).
3. Таза суу маселесинин чечилиши.
4. Бааларды көзөмөлдөө (алып сатарлык бааларды токтотуу).
5. Сугаруу, дыйканчылык кылуу жаңылануу системаларын киргизүү.
6. Катуу ооруган балдарды, пенсионерлерди акысыз дарылоо.
7. Дене тарбия жана спортту өнүктүрүү.
8. Улуттук маданиятты кайра жандандыруу.
9. Асыл тукум мал чарбаны өнүктүрүү боюнча селекционерлерге мамлекеттик колдоо көрсөтүү.

№6

КЕРМАЛИЕВ Таалайбек Жеңишович
Туулган жылы: **17.03.1970-ж.**
Иштеген жери жана ээлеген кызматы:
«Арпа» ЖЧК, коммерциялык директору
Урааны: **Чындыкты айткандан коркпойм!**
ЖК мыйзам чыгарчу орган, заказ аткарчу орган эмес!

Депутаттыкка талапкер Кермалиев Таалайбек Жеңишовичтин программасы.

Мен депутат болуп калсам элдин көйгөйү болуп келе жаткан орчундуу маселелерди эч кимден коркпой, кошомат кылбай элим менен бирге элдин кызыкчылыгы үчүн иштеген төмөнкү мыйзамдарды кайра иштеп чыкканга чоң күч жумшаймын.

1. Кыргыз Республикасында кызматтык абалынан кыянаттык менен пайдаланып, өлкөнүн казынасына өтө чоң зыян алып келген мамлекеттик кызматкерлерге жана акыркы убакытта өлкөбүздүн көйгөйү болуп келе жаткан жаш балдарды, кыздарды зордуктагандарга карата өлүм жазасын киргизүү.
2. Мындан кийин жалган жалаа менен камалып жана соттолуп кеткен жарандарыбыз жана саясатчыларыбыз абактан акталып чыкканда аларга иш козгоп камаган тергөөчүлөр жана соттогон соттор.

№7

МАМБЕТСАДЫКОВ Азамат Нурбекович
Туулган жылы: **04.08.1988-ж.**
Иштеген жери жана ээлеген кызматы:
КР Патенттик ишенимдүү өкүлү
Урааны: **Эскини сакташ үчүн - жаңыга умтул!**

Күн сайын силердин аранарда жөө жүрөм, троллейбус же велосипед колдоном. Балдарым мамлекеттик төрөт үйлөрүндө төрөлгөн. Улуу балам мамлекеттик мектепте окуйт жана мен мамлекеттик мекемеде дарыланам. Мен башка деңгээлдеги кызматты төлөй алам, бирок бул менин аң-сезимдүү тандоом. «Өзүнүн терисин» тобокелге салган жетекчи гана башкалардын кызыкчылыгын чечүүгө моралдык укугу бар экенине ишенем.

1. Ар бир үчүнчү шайлоочу жана арасында мен – эринбей эски саясатчыларга каршы добуш бердик.
2. Мен, Мамбетсадыков Азамат Нурбекович – жаңы талапкермин. Мен шайлоого биринчи жолу катышып жатам, тажрыйбалуу профессионалмын, кантип жеңишти билем.
3. Биздин көйгөйлөрүбүз бир. Биз, жашоочулар аларды жатка билебиз. Мен аларды эффективдүү чечүүнү каалайм.
4. Мен ойлоп табуучумун. Эгер сизге Илон Маск керек болсо, анда мени тандаңыз.

№8

ДАВЛЯНОВ Дамирбек Тайырбекович
Туулган жылы: **21.03.1986-ж.**
Иштеген жери жана ээлеген кызматы:
Убактылуу иштебейт
Урааны: **Адилеттүү мыйзамдар – аялдардын укугунун жана прогрессивдүү жаштардын негизи!**

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкердин программасы

1. **Жер участогу:**
Кыргыз Республикасынын Жер кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүү жолу менен, ошондой эле "Жаңы конуштар үчүн жерлер" сыяктуу жаңы категорияларды түзүү менен жер участокторун легалдаштыруу маселесин системалык түрдө чечүүнү сунуштайбыз.
2. **Суу менен камсыз кылуу жана электрификациялоо:**
Жогорку демилгелердин негизинде шаарларды суу жана электр энергиясын камсыздаган мекемелерге жер участокторду мыйзамдаштыруу жана укуктук базасын түзүүгө, ошондой эле кирешелер боюнча болжолдонгон маалыматтарды жана жаңы конуштарда инфраструктураларды түзүү боюнча чыгашалар бюджетин түзүүгө мүмкүндүк берет.
3. Ар бир үйдө жогорку ылдамдыктагы интернет.

№27 БИРИНЧИ МАЙ ШАЙЛОО ОКРУГУ БОЮНЧА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ДЕПУТАТТЫГЫНА ТАЛАПКЕРЛЕР

№9

КЕЛГЕНБАЕВ Акжолтой Коконбаевич
Туулган жылы: **15.10.1981-ж.**
Иштеген жери жана ээлеген кызматы: **“Эл аралык ишкерлер ассоциациясы” коомдук бирикмесинин Вице-президенти**

КР Жогорку Кеңешинин депутатынын кызмат ордуна талапкердин программасы:

1. Бишкек шаарында жана республиканын башка шаарларында экологияны жакшыртуу үчүн тазалыкты жана тартипти жүргүзүү.
   "Жашыл" экономиканы өнүктүрүүнү алга жылдырабыз.
2. Республика боюнча жана шаарларыбызда туризмди өнүктүрүү.
   Туристтерге шарттарды жакшыртуу максатында урбанизация саясатын өнүктүрөбүз. Алар: жолдор, жарык, коопсуздук, маданий жана ишкер сейил бактар, IT-индустриялаштыруу, жеткиликтүү жана акысыз интернет, тейлөө кызматын өнүктүрүү.
3. Чет өлкөлөрдөгү мекендештердин укуктарын коргоо, алардын үйбүлөлөрүн социалдык жактан камсыз кылуу жана алардын каражаттарын инвестициялоо үчүн ыңгайлуу шарттарды түзүү.

№10

САВИН Виктор Евгеньевич
Туулган жылы: **21.02.1975-ж.**
Иштеген жери жана ээлеген кызматы: **К.Карасаев ат. БГУнун профессору**
Урааны: **Инновациялык келечекти түзөбүз**

КР Жогорку Кеңешинин депутатынын кызмат ордуна талапкердин программасы:

1. Кыргыз Республикасынын билим берүү системасын ар кыл багытын сапаттуу жакшыртуу менен каржылоону жогорулатуу;
2. Мугалимдин, өмүр сакчыларынын, ИИМ кызматкерлеринин адистик беделдүүлүгүн жогорулатуу. Алардын кирешелеринин 3-5 эсеге жогорулатуучу механизмдерди иштеп чыгуу;
3. Пенсионерлердин пенсияларынын ченемдерин орточо айлык маянанын заманбап деңгээлине чейин жогорулатуу;
4. Тышкы эмгек миграциясын кыскартуу алкагында жаштардын жумуш менен камсыз болуусуна шарттарды түзүү менен акчалай кирешелерин жогорулатууну камсыздоо. «Социалдык лифт» механизмин калыптандыруунун алкагында жаштардын өнүгүүсүнө шарттарды түзүү.

№11

ИБРАЙМАКУНОВ Данияр Омурбекович
Туулган жылы: **08.08.1990-ж.**
Иштеген жери жана ээлеген кызматы: **Кыргыз Республикасынын Коргоо министрлигинин аскер кызматчысы**
Урааны: **«Ар дайым өз элимдин жана жеримдин сакчылыгында. Күчтүү Кыргызстан үчүн»**

Урматтуу шайлоочулар!

Сиздердин ишенимиңиздерге жана колдооңуздарга таянып, шайлоочулардын каалоосун жана районубуздун кызыкчылыктарын жоопкерчиликке алууга даяр экенимди билдирем. Мен биздин жашоочуларыбыздын саясий, экономикалык, социалдык жана руханий талаптарын (керектөөлөрүн) толугу менен канааттандырууга, алардын мыйзамдуу кызыкчылыктарын мамлекет тарабынан коргоо үчүн болгон күчүмдү жумшайм.

Мен районубуздун тургундарына кайрылууну милдеттүүмүн деп эсептейм. Анткени менин сиздерден, өз шайлоочуларымдан жашыра турган эч нерсем жок. Жолугушууларга ачыкмын жана ар бир суроонузга жеке жооп берүүгө даярмын. Үгүт өнөктүгүмдү чынчылдык менен жүргүзүп, ачык күрөштө сөз менен эмес, иш менен жеңишке жетүүнү көздөп жатам.

№12

АКЫЛБЕКОВ Русланбек Акылбекович
Туулган жылы: **07.10.1975-ж.**
Иштеген жери жана ээлеген кызматы: **Убактылуу иштебейт**
Урааны: **Сен өзгөрүүнү каалайсыңбы? - Ойгон! Кошул! «Макул» деген добушуңду бер!**

КР Жогорку Кеңешинин депутатынын кызмат ордуна талапкердин программасы:

Билим берүү, илим жана маданият:
- Билим берүүнүн бардык программаларын жана окуу методдорун заманбап талаптарына ылайыкташтыруу;
- Мугалимдерди татыктуу эмгек акы менен камсыз кылуу жана ашыкча иштөөгө тыюу салуу.

Саламаттыкты сактоо
- Медициналык кызматкерлерди оптималдаштыруу менен мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдү уюштуруу (бирдиктүү терезе) жана отчёттун көлөмүн азайтуу;
- Массалык спортту жана дене тарбияны өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүү.

Экономика жана ишкерлик
- Ишкердик ишмердикти каттоону бюрократиясыз, формалдуулуксуз жана инвестицияларды мамлекеттик коргоо менен камсыз кылуу.

№14

КАПАРОВ Чыңгыз Капарович
Туулган жылы: **27.08.1984-ж.**
Иштеген жери жана ээлеген кызматы: **Убактылуу иштебейт**
Урааны: **Бүгүнкү туура тандооң - эртеңки жаркын келечегиң!**

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин VII чакырылышына №27 Биринчи май бир мандаттуу шайлоо округунан талапкер Капаров Чыңгыз Капаровичтин шайлоо алдындагы программасы

Мамлекеттин негизги көйгөйлөрүн аныктоо жана аларды жоюунун приоритеттүү багыттары.

- Мамлекеттик түзүмдөрдөгү реформалар жана коррупцияга каршы күрөш: Бүгүнкү күндө коомубуздун эң оор маселелеринин бири – ар кандай коррупциялык схемалардын күчөшү. Бул жагынан алганда, бул маселени чечүү үчүн көп убакыт жана күч талап кылынарын моюнга алуу керек. Бирок аны жоюу үчүн биргелешип аракет кылып, ошол эле учурда өзүбүз да чынчыл болсок, анда процессти тездетүүгө мүмкүнчүлүк түзүлөт. Төмөнкүлөрдү камтыган бардык стратегиялык иш-аракеттерди эске алуу маанилүү:
* Коррупциялык схемаларга аралашкан адамдардын мүлкүн конфискациялоону күчөтүү;

№15

РЕМНЁВ Роман Павлович
Туулган жылы: **04.05.1983-ж.**
Иштеген жери жана ээлеген кызматы: **"Жашыл Кыргызстан" саясий партиясынын төрагасынын орун басары.**
Урааны: **«Бишкекти — Фрунзе кылалы!»**

КР Жогорку Кеңешинин депутатынын кызмат ордуна талапкердин программасы:

Борбордо жана өлкөдө тартипти “Бирге” орнотобуз! Элдин духун чыңдайлы. Элдин турмуш деңгээлин жана ден соолугун чыңдайлы! Элдин жыргалчылыгын жогорулаталы! Кудайдын жардамы менен!

№16

СЫДЫКОВ Урматбек Мукамбетжусупович
Туулган жылы: **01.03.1974-ж.**
Иштеген жери жана ээлеген кызматы: **«ЖЕҢИШ» Адвокаттар коллегиясы, төраганын орун басары.**
Урааны: **Тажрыйба менен билим турмуш аркылуу келет!**

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутатынын кызмат ордуна талапкердин программасы:

Кымбаттуу мекендештер, Биринчи май районунун тургундары!

Мен аскер кызматында, тоо-кен, коммуналдык чарба, жол жана коммуникация тармагында о.э. адвокаттык коргоо жаатында иштеген адам катары, коомубуздун бардык мүчүлүштүктөрү мага таандык жана аларды чечүүгө төмөнкү иштерди жасаш керек:

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын кайрадан карап чыгып, текшериш зарыл.
- Өлкөбүздүн укуктук-ченемдик актыларына өзгөртүү жана толуктоолорду киргизиш керек.
- Республикабыздын мыйзамдарынын жоболору жана талаптары так аткарылуусун көзөмөлдөш керек.
- Элдин арыз-муңун аткаруу бийлигине өз убагында жеткирип жана анын чечилүүсүнө жардам бериш керек.

№17

ГАПАРОВ Адылбек Абдикаримович
Туулган жылы: **12.09.1983-ж.**
Иштеген жери жана ээлеген кызматы: **Убактылуу иштебейт**

№27 Бишкек шаарындагы Биринчи май бир мандаттуу шайлоо округу боюнча депутаттыкка талапкер Гапаров Адылбек Абдикаримович өзүнүн шайлоо программасы менен тааныштырат:

- Кыргызстандын эли бийликтин булагы. Бардык жарандарды жашоону жеңилдеткен МЫЙЗАМДАР менен камсыз кылуу! Мыйзамдар ар бир адамдын жана жарандын гаранты болушу керек!

Бардык мамлекеттик институттарда тамырын жайган коррупцияга каршы реалдуу жана системалуу күрөш! Тилекке каршы, азыркы коррупцияга каршы күрөш анын кесепеттери менен гана күрөш. Ушуга байланыштуу коррупциялык тобокелдиктерди алдын алууга жана жөнгө салуучу тиешелүү укуктук актыларды иштеп чыгуу жана ишке ашыруу зарыл.

Ишкердикке көмөктөшүүчү мыйзам актыларын, чет өлкөлүк инвесторлор үчүн шарттарды жакшыртуу жана аларды улуттук экономикага тартуу боюнча программаларды иштеп чыгуу жана ишке ашыруу.

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
Эркин-Тоо

№27 БИРИНЧИ МАЙ ШАЙЛОО ОКРУГУ БОЮНЧА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ДЕПУТАТТЫГЫНА ТАЛАПКЕРЛЕР

№18

ТАГАЙБЕК Султан
Туулган жылы: **21.11.1977-ж.**
Иштеген жери жана ээлеген кызматы: **Кайрымдуулук фонду "Жакшы иш" талдоочу, кеңешчи.**
Ураны: **Абройлуу татыктуу Кыргызстан жана жарандардын татыктуу жашоосу.**

КР Жогорку Кеңешинин депутатынын кызмат ордуна талапкердин программасы: Кудайым буюрса Кыргызстан гүлдөп өнүккөн мамлекет болоруна эч күмөнүбүз жок. Күнүмдүк, буга чейин келген жана алдыда турган мамлекеттин жана жарандардын көйгөйлүү, орчундуу маселелери аз эмес. Биздин биринчиден болгон багытыбыз элдин талаптарын мамлекеттин маселелерин чечүүгө көмөк-жардамыбызды жана болгон амал-аракеттерибизди жумшайбыз.

№19

АБДЫКАДЫР уулу Бектур
Туулган жылы: **29.04.1991-ж.**
Иштеген жери жана ээлеген кызматы: **ЖЧК "Чи Бо Трейд", башкы директору**
Ураны: **Адилет мыйзам, Акыйкат коом үчүн – БЕК ТУР!**

КР Жогорку Кеңешинин депутатынын кызмат ордуна талапкердин программасы:

Урматтуу мекендештер!

Кыргыз Республикасы 30 жылдык эгемендүүлүк тарыхында көптөгөн орчундуу маселелер менен бирге өзүнүн ордун табуу жолунда социалдык жана экономикалык каатчылык менен күрөшүп келет.

Өлкөбүздүн экономикалык абалын оңдоо менен бирге элдин ар түрдүү катмарынын көйгөйлөрүн түшүнө билүү жана чечүү биздин бирден-бир милдетибиз жана максатыбыз.

Ошол себептен төмөндөгү социалдык жана экономикалык программаларды ишке ашыруу менин максатым.

1. Билим берүү менен бирге тарбия берүүнүн жаңы ыкмаларын киргизүү.
2. Экология маселелерин чечүү менен бирге жаратылыш жана айланачөйрөгө болгон мамилени өзгөртүү.
3. Жергиликтүү бийликтердин элдин талабын аткарууга заманга ылайык механизмдерди киргизүү жана ишке ашыруу.

№20

МУСАЕВ Тахир Насырович
Туулган жылы: **06.05.1985-ж.**
Иштеген жери жана ээлеген кызматы: **Жеке ишкер**
Ураны: **Ар дайым Эл менен!**

КР Жогорку Кеңешинин депутатынын кызмат ордуна талапкердин программасы:

1. Экономика: - Мамлекеттик ишканаларды натыйжалуу башкаруунун, чакан жана орто бизнести өнүктүрүүнүн эсебинен бюджеттин киреше бөлүгүн көбөйтүү.- Региондордун инвестициялык жагымдуулугун жогорулатуу. - Өнөр жайды өнүктүрүү. - Бюджеттин ачык-айкындуулугун камсыздоо.
2. Инфраструктура:- Мамлекеттик, муниципалдык кызматтардын жана ишканалардын бири-бирин кайталаган функцияларын жоюу.- Жаңы конуштарда шаардык инфраструктураны түзүү.
3. Коомдук транспорт:- Коомдук транспорт үчүн өзүнчө тилкени бөлүп берүү.- Заманбап транспорттук түйүндөрдү куруу.
4. Экология жана жашылдандыруу:- Жеке сектордун газдаштыруусун тездетүү.- Жүк ташуучу автоунааларды шаардын борборуна кирүүгө тыюу салуу.

№21

САРТАЕВ Анвар Айдарович
Туулган жылы: **30.01.1955-ж.**
Иштеген жери жана ээлеген кызматы: **Отставкадагы полковник, аскердик укук коргоочу**
Ураны: **«Жарандарыбыздын татыктуу жашоосу жана коопсуздугу»**

№27 Биринчи май округу боюнча КР Жогорку Кеңешинин депутаты кызмат ордуна талапкердин программасы

Менин шайлоо алдындагы программам аскер кызматчылардын, укук коргоо органдарынын кызматкерлеринин, КР Куралдуу Күчтөрүнүн жарандык персоналынын, аскер пенсионерлеринин жана алардын үй-бүлө мүчөлөрүнүн, мугалимдердин, медициналык жана социалдык кызматкерлердин укугун коргоого, калыбына келтирүүгө жана жактоого багытталган.

Аскер кызматчыларынын жана укук коргоо органдарынын кызматкерлеринин укуктарын коргоодогу көп жылдык тажрыйбам жана ийгиликтүү практикам мага КР ЖК депутаты катары кыргызстандыктардын аскердик, эмгектик жана күнүмдүк жашоосунда жана ишмердигинде келип чыккан көйгөйлөрдү жана маселелерди мындан да ыкчамыраак жана натыйжалуу чечүүгө.

№22

АБДЫРАЗАКОВА Айжан Улановна
Туулган жылы: **27.12.1989-ж.**
Иштеген жери жана ээлеген кызматы: **«Rayan Building» курулуш компаниясы, башкы директору.**
Ураны: **Ак ниет, Абийир, Аракет!**

КР Жогорку Кеңешинин депутатынын кызмат ордуна талапкердин программасы:

1. Гендердик толеранттуулук жана аялдарды коргоо. Зомбулук тууралуу кабарлай турган сигнализация баскычы бар электрондук билерикти киргизүү аркылуу аялдарга карата үй-бүлөлүк жана үй-бүлөлүк зомбулукка каршы күрөшүү.
2. Жеткиликтүү турак жай. Кыргыз Республикасында турак жайдын жеткиликтүүлүгүн жогорулатуу үчүн шарттарды түзүү. Ар бир балага аманат эсебин ачуунун мамлекеттик программасына турак жай сатып алуу үчүн баштапкы капиталды киргизүү.
3. Кыргыз Республикасынын билим берүү системасындагы жаңы технологиялар жана усулдар. Биздин өлкөнүн аймактарындагы калкка сапаттуу башталгыч жана жалпы билим берүү.
4. Райондордо жана шаарларда жашыл экономика.

№23

ТОКТОКОЖОЕВ Таалайбек Самудинович
Туулган жылы: **12.08.1968-ж.**
Иштеген жери жана ээлеген кызматы: **«Темир Тулпар» коомдук бирикменин төрагасы**
Ураны: **«Өнүккөн өлкө, элибиздин бакубат жашоосу!»**

Кыргыз мамлекетинин бүтүндүгүн коргоодо, туруктуу өнүктүрүүдө жана калкынын саламаттыгын сактоодо майда маселе болбойт. Саясий, социалдык жана экономикалык өнүктүрүү менен элдин жыргалчылыгын камсыздоо, ата-бабадан мурас калган жерин көздүн карегиндей сактоо, аймагыбыздын баштапкы табигыйлуулугун кармап калуу - ар бир кыргызстандык жарандардын ыйык милдети.

1. Туруктуу өнүгүү багыты.
2. Экономиканын өнүгүүсү – элдин жашоо турмушунун оңолуусунун күзгүсү.
3. Ата мурас жерибиздин экологиялык бүтүндүгү.
4. Билимсиз, маданиятсыз өлкө – келечеги жок өлкө.
5. Санарип - келечекке сапар.

Мына ушуларды аткаруу, мерчемделген иш-чараларымдын чакан гана бөлүгү. Өлкөмдүн жашоо турмушунун жакшырышына кошкон салымым ар бир аткарган ишим менен тастыкталмакчы.

№24

АКЕРОВ Табылды Абдраманович
Туулган жылы: **26.02.1967-ж.**
Иштеген жери жана ээлеген кызматы: **КЭУ, доцент, т. и. к.**
Ураны: **Мезгил бизден жаңылануу талап кылып жатат**

КР Жогорку Кеңешинин депутатынын кызмат ордуна талапкердин программасы:

- экономиканы турукташтыруу жана өнүктүрүү боюнча мамлекетти жөнгө салуу саясатына таянуу керек;
- өлкөнүн салык саясатын жөнгө салуу боюнча жаңы стратегиясын өнүктүрүүгө катышуу;
- кичи жана орто бизнести өнүктүрүүнү колдоо;
- кичи жана орто ГЭСтерди курууну колдоо;
- билим берүү жана медицина кызматкерлерин социалдык жактан колдоо;
- жогорку жана орто окуу жайларында IT технологиялары боюнча сабактарды, окутууларды киргизүү;
- орто мектепте жана ЖОЖдордо сабактарды кыргыз, орус жана англис тилдеринде окутууну камсыздоо;
- мамлекеттик башкаруу органдарында коррупция менен күрөшүү боюнча мамлекеттик саясатты колдоо.

№25

ТОКТАКУНОВ Нурбек Акбарович
Туулган жылы: **05.06.1970-ж.**
Иштеген жери жана ээлеген кызматы: **«Жактоочу»**
Ураны: **Сиздердин адам парламентте!**

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкердин программасы:

1. **Саясий баланс**
   Парламент президенттен көз карандысыз болуп, анын ээн баштыгын кармап туруу керек. Депутат болуу менен мен президентке керек болгон учурда каршы пикиримди айтып, буга башка депутаттарды да тартуу ниетиндемин. Мына ошондо президент парламенттеги саясаттык күчтөр менен акылдаша баштайт. Ар түрдүү саясаттык күчтөр, тайпалык кызыкчылыктар арасындагы тил табышуунун жыйынтыгындагы чечимдер жана мыйзамдар гана коом жана өлкө үчүн пайдалуу. Бул бүтүндөй өлкө үчүн коомдо тең салмактуулукту жана балансты пайда кылат.
2. **Адилеттүү соттук система**
   Бийлик канчалык адамды сыйлабаса, бийлик ошончолук туруктуу эмес, ошондуктан адам укуктары улуттук коопсуздуктун негизи болуп саналат.

№27 БИРИНЧИ МАЙ ШАЙЛОО ОКРУГУ БОЮНЧА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ДЕПУТАТТЫГЫНА ТАЛАПКЕРЛЕР

№26

САРИЕВ Акылбек Аблабекович
Туулган жылы: **16.03.1962-ж.**
Иштеген жери жана ээлеген кызматы: **“Электорат” КФ, директор**
Урааны: **Мыйзамдуулук жана укуктук тартип үчүн.**

Эгерде депутат болуп шайлансам өзүмдүн күч-аракетимди:

- ✓ элдин бийлигинин үстөмдүгүн бекемдөөгө;
- ✓ кош стандарттар саясатына каршы турууга;
- ✓ коррупция жана уурдоо менен катаал күрөшүүгө;
- ✓ колдонуудагы мыйзамдарды жана ченемдик укуктук актыларды Конституцияга ылайык келтирүүгө;
- ✓ калктын бардык катмарынын кызыкчылыктарын чагылдырган мыйзамдарды иштеп чыгууга жана кабыл алууга;
- ✓ Жогорку Кеңеш тарабынан кабыл алынган мыйзамдардын жана чечимдердин аткарылышына парламенттик контролду күчөтүүгө багыттайм.

ошондой эле:

- ✓ бардык күч-аракетимди, билимимди жана тажрыйбамды округдун шайлоочулары менен жемиштүү кызматташууга, алардын эркин жана кызыкчылыктарын коргоого.

№27

ЖУКОВ Виталий Юрьевич
Туулган жылы: **31.10.1961-ж.**
Иштеген жери жана ээлеген кызматы: **Ош шаарындагы гараждык кооперативинин төрагасы.**
Урааны: **«Куру убадаларга эмес, чыныгы иштерге ишенүү»!**

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер Жуков Виталий Юрьевичтин программасы:

1. Учурдагы курулуштарды жана жарандардын кызыкчылыктарын эске алуу менен жаңы объекттерди куруу үчүн аянтчаларды тандоону көзөмөлдөө.
2. Шаар курууну тартипке келтирүү жана муниципалдык аймактарды жана сууну коргоочу жерлерди ээлеп алууда адилеттүүлүктү орнотуу.
3. Улуу курактагы адамдарды медициналык жана социалдык тейлөөнү жакшыртуу.
4. Кичи райондордун короо бөлүктөрүндөгү балдар жана спорт аянтчаларын куруу жана абаттоо.
5. Экологиялык мыйзамдарды бузуу үчүн жоопкерчиликти күчөтүү, айлана-чөйрөнү булгоо үчүн айыппулдарды кыйла көтөрүү.

№13 талапкердин өзүнүн арызынын негизинде каттоосу жокко чыгарылды.

Талапкерлер, алардын программалары, шайлоо фонддору жөнүндө кеңири маалыматтар TALAPKER.SHAILOO.GOV.KG сайтында.

КАНДИДАТЫ В ДЕПУТАТЫ ЖОГОРКУ КЕНЕША КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ ПО ПЕРВОМАЙСКОМУ ОКРУГУ №27

№1

НУРМАТОВ Темирбек Асанович
Дата рождения: **1978 года рождения.**
Место работы и занимаемая должность: **Дипломатическая академия МИД Кыргызской Республики, кандидат юридических наук, доцент**
Лозунг: **«Служение народу»**

Программа кандидата на должность в депутаты Жогорку Кенеша КР:

Моя деятельность по обеспечению Первомайского района города Бишкек законами и программами развития:

Направление	Содержание проектов законов, программ
Социальная защита	Адресная социальная помощь жителям Первомайского района г. Бишкек (пенсионеры, инвалиды, многодетные семьи, женщины, студенты)
